# 2023-2024-жылдар жана 2025-жылдын 1 кварталы үчүн айлана-чөйрөнү коргоо чөйрөсүндөгү укук бузуулар боюнча ыйгарым укуктуу органдардын токтомдорун даттануу жөнүндө материалдарды соттор тарабынан кароо боюнча соттук практиканы жалпылоо.

## Киришүү

Жагымдуу айлана-чөйрөгө болгон укук Кыргыз Республикасынын Конституциясы менен кепилденет. Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 49-беренесине ылайык, ар бир адам жашоо жана ден соолук үчүн жагымдуу экологиялык чөйрөгө укуктуу. Аталган ченем ошондой эле жаратылышты пайдалануунун натыйжасында ден соолукка же мүлккө келтирилген зыяндын ордун толтурууну кепилдейт жана ошол эле учурда ар бир адамга курчап турган жаратылыш чөйрөсүн, өсүмдүктөр жана жаныбарлар дүйнөсүн сактоо жана аларга аяр мамиле кылуу милдетин жүктөйт.

Жаратылышты, айлана-чөйрөнү жана жагымдуу экологиялык абалды сактоо - ар бир адамдын милдети. Бул жаратылышка зыян келтирүүчү ишмердүүлүккө контролду жүзөгө ашыруунун, ошондой эле биологиялык ресурстарды алардын табигый калыбына келүү мүмкүнчүлүгүнүн чегинде пайдаланууга чектөөлөрдү белгилөөнүн зарылдыгын аныктайт.

Кыргыз Республикасынын укук бузуулар жөнүндө кодексинин 457-беренесине ылайык (мындан ары - КР УБжК), экологиялык укук бузуулар жөнүндө иштер ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдар тарабынан каралат.

Бул категориядагы иштер боюнча соттук практика ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдар тарабынан чыгарылган укук бузуулар жөнүндө токтомдорго даттануунун негизинде түзүлөт.

Сот материалдарды карап чыгып, кабыл алынган чечимдин мыйзамдуулугун жана негиздүүлүгүн текшерүү менен, бузулган укуктарды калыбына келтирүү жана мамлекеттик органдардын аракеттеринин мыйзамдуулугун камсыз кылуу максатын көздөйт.

КР УБжКнын 1-беренеси укук бузуулар үчүн жоопкерчилик чөйрөсүндөгү мыйзамдар Кыргыз Республикасынын Конституциясына негизделерин жана анын курамына ушул Кодекс менен катар Кыргыз Республикасынын мыйзамдары, ошондой эле Кыргыз Республикасынын укуктук тутумунун курамдык бөлүгү болуп калган эл аралык келишимдер кирерин белгилейт.

Ушуга байланыштуу каралып жаткан чөйрөдөгү укук колдонуу практикасы, биринчи кезекте, экологиялык укук бузуулар үчүн жоопкерчиликти жөнгө салган КР УБжКнын жоболоруна, ошондой эле тиешелүү экологиялык мыйзамдардын ченемдерине негизделет.

**Соттук статистика**

Соттук статистиканын маалыматына ылайык, талданып жаткан мезгил ичинде соттор тарабынан ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдардын токтомдоруна карата даттануулар боюнча 49 материал каралган.

| **шаар, облус** | **каралды** | **күчүндө калтырылган** | **жокко чыгарылган** |
|---|---|---|---|
| **Бишкек ш.** | **41** | **29** | **1** |
| **Ош** | **3** | **2** | **1** |
| **Чуй** | **2** | **2** | **-** |
| **Нарын** | **1** | **-** | **1** |
| **Жалал-Абад** | **2** | **-** | **2** |
| **Бардыгы:** | **49** | **33** | **16** |

Берилген маалыматтардан көрүнүп тургандай, ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдар тарабынан салынган жаза чараларынын 67,3 % күчүндө калтырылган, ал эми 32,7 % жокко чыгарылган. Даттанылган токтомдордун көпчүлүгү Бишкек шаарынын райондук сотторуна жөнөтүлгөн (каралып чыккан иштердин жалпы санынын 84 %), андан кийин Ош облусунун райондук сотторуна (6 %), Чүй жана Жалал-Абад облустарынын райондук жана шаардык сотторуна (ар бири 4 %), ошондой эле Нарын облусунун райондук сотторуна (2 %).

**Укук бузуулар жөнүндө иштер боюнча өндүрүштү жүргүзүү тартиби жана укук бузууларды процессуалдык жол-жоболоштуруу (506–521-беренелер).**

Укук бузуулар жөнүндө иштер боюнча өндүрүш - бул мыйзамдарда белгиленген процесс болуп саналат, анын жүрүшүндө ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдар укук бузууларды аныктап, карап чыгып, аларды жасагандыгы үчүн жаза чараларын колдонушат.

Өндүрүш КР УБжКнын жоболоруна, ошондой эле айлана-чөйрөнү коргоо чөйрөсүндөгү башка ченемдик-укуктук актыларга так ылайык жүзөгө ашырылат.

Укук бузуулар жөнүндө иштер боюнча өндүрүштүн стадиялары:

- укук бузуу жөнүндө ишти козгоо жана иликтөө;

- укук бузуу жөнүндө ишти кароо, жагдайларды изилдөө, далилдерди топтоо, токтом чыгаруу;

- ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган тарабынан чыгарылган укук бузуулар жөнүндө иштер боюнча токтомдорго даттанылган учурда аларды кайра кароо;

- укук бузуулар жөнүндө иштер боюнча токтомдорду аткаруу.

Укук бузууларды жасагандыгы үчүн жоопкерчилик мыйзамдуулук, мыйзам алдында теңдик, күнөөсүздүк презумпциясы, укук бузуу үчүн жоопкерчиликтен кутулбоо, адилеттүүлүк, жаза чараларын жекелештирүү жана гумандуулук принциптерине негизделет.

Судьялар укук бузуулар жөнүндө иштер боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдардын токтомдоруна карата даттанууларды кароодо милдеттүү:

- КР УБжКнын 56-главасынын ченемдерин жетекчиликке алууга;

- даттанууларды сотко келип түшкөн күндөн тартып 10 күндүн ичинде кароого;

- даттанууну кароо аяктаганга чейин ыйгарым укуктуу органдын токтомун аткарууну токтото турууга;

- далилдерге объективдүү баа берүүгө, тараптардын түшүндүрмөлөрүн угууга жана мыйзамга жана иштин иш жүзүндөгү жагдайларына негизделген чечим чыгарууга.

Ишти кароонун жыйынтыгы боюнча сот төмөнкү чечимдердин бирин кабыл алат:

- токтомду өзгөртүүсүз калтыруу, ал эми даттанууну канааттандыруусуз калтыруу;

- токтомду жокко чыгаруу жана иш боюнча өндүрүштү кыскартуу;

- даттануу боюнча чечимди биринчи инстанциядагы соттун токтому түрүндө тариздөө, ал токтоосуз күчүнө кирет жана апелляциялык тартипте даттанылышы мүмкүн;

- токтомдун көчүрмөлөрүн ал чыгарылган адамга жана жабыр тартуучу үч күндүн ичинде жөнөтүү.

Ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдардын токтомдоруна карата даттанууларды кароодо соттор процессуалдык ченемдердин сакталышына өзгөчө көңүл бурушат. Эгерде ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдар материалдарды тариздөөдө бузууларга жол берсе (мисалы, күнөөнү тастыктаган тийиштүү далилдерди бербесе же жол-жобону бузса), сот жаза чарасын колдонуу жөнүндө токтомду жокко чыгара алат.

Соттор экологиялык контролду жүзөгө ашырган ыйгарым укуктуу органдар тарабынан берилген далилдерди кылдат изилдеп, укук бузуу жөнүндө ишти козгоонун мыйзамдуулугун, укук бузуунун туура квалификацияланышын жана токтомдордун мыйзамдуулугун текширишет.

Ошентип, Кыргызстандагы экологиялык укук бузуулар чөйрөсүндөгү соттук практика көзөмөлдү жана жоопкерчиликти күчөтүүгө умтулуу менен мүнөздөлөт, ошол эле учурда мыйзамдуулукту камсыз кылуу үчүн мамлекеттик органдардан процессуалдык ченемдерди так сактоону талап кылат.

Экологиялык укук бузууларды жасагандыгы үчүн төмөнкүдөй жаза чаралары белгиленет:

- айлана-чөйрөгө келтирилген зыянды өндүрүп берүү;

- айып пул жана эскертүү.

Экологиялык укук бузууларды процессуалдык жол-жоболоштуруу КР УБжКга ылайык жүзөгө ашырылат. Жол-жобо укук бузуунун фактысын каттоону, далилдерди топтоону, тиешелүү протоколдорду түзүүнү жана күнөөлүү адамдарды жоопкерчиликке тартуу чараларын (айып пул, эскертүү) камтыйт.

Экологиялык укук бузуу аныкталган учурда ыйгарым укуктуу органдын кызматкери укук бузуунун фактысын каттайт, далилдерди, күбөлөр жана катышуучулар жөнүндө маалыматтарды чогултат жана укук бузуу жасаган адамдын катышуусунда, же тиешелүү негиздер болгон учурда анын катышуусусуз укук бузуу жөнүндө протокол түзөт. Протокол КР УБжКнын 517-беренесинде көрсөтүлгөн бардык маалыматтарды камтууга тийиш.

Укук бузуу жөнүндө иш ыйгарым укуктуу орган тарабынан каралат жана кароонун жыйынтыгы боюнча күнөөлүү адамга жаза чарасын колдонуу же иш боюнча өндүрүштү кыскартуу жөнүндө чечим кабыл алынат.

Сот иш материалдарын кароодо укук бузууларды процессуалдык жол-жоболоштуруу КР УБжКнын талаптарына шайкеш келерин, ошондой эле мыйзамдуулукту жана адилеттүүлүктү камсыз кылуу үчүн бардык белгиленген жол-жоболор жана талаптар сакталгандыгын текшерүүгө милдеттүү.

**Кыргыз Республикасынын экологиялык коопсуздугун жана айлана-чөйрөнү коргоо чөйрөсүндөгү КР УБжКнын беренелерине талдоо.**

**Белгиленбеген жерлерге таштандыларды таштоо, үйүп салуу, өрттөө (115-берене)**

Адамдын жашоо-тиричилигинен келип чыккан калдыктар айлана-чөйрөнүн абалына жана калктын ден соолугуна терс таасирин тийгизет.

Таштанды жана калдыктар - бул ар башка түшүнүктөр.

**Калдыктар** - бул кайра иштетүүгө мүмкүн болгон, кайра иштетилип, экинчи чийки затка айландырылып кайра колдонулушу мүмкүн болгон материалдар.

**Таштанды** - бул калдыктардын кайра иштетүүгө жатпаган бөлүгү болуп, алар утилдештирилиши же көмүлүшү керек болгон бөлүгү болуп эсептелет.

Кыргыз Республикасынын 2023-жылдын 15-августундагы № 181 «Өндүрүш жана керектөө калдыктары жөнүндө» мыйзамы - өндүрүш жана керектөө калдыктарынын пайда болуу, чогултуу, сактоо, кайра иштетүү, утилдештирүү, зыянсыздандыруу, ташуу жана көмүү процессинде келип чыгуучу мамилелерди жөнгө салат.

Аталган Мыйзамга ылайык, өндүрүштүк калдыктар - бул продукцияны өндүрүү же иштерди аткаруу процессинде пайда болгон материалдардын, чийки заттын, жарым фабрикаттардын калдыктары болуп, алар өзүнүн керектөө касиеттерин толук же жарым-жартылай жоготкон, ошондой эле өндүрүш процессинде пайда болуп, ушул өндүрүштө колдонулбай калган коштоочу заттар болуп саналат, ал эми **керектөө калдыктары** - бул буюмдар, материалдар жана заттар болуп, алар физикалык же моралдык эскиришинин натыйжасында өзүнүн керектөө касиеттерин жоготкон. Керектөө калдыктарына адамдардын жашоо-тиричилик ишмердүүлүгүнүн натыйжасында пайда болгон катуу тиричилик калдыктары да кирет.

Калдыктар менен иштөө жаатындагы мамлекеттик контролдоо айлана-чөйрөнү коргоо жана экологиялык, техникалык коопсуздук, санитардык-эпидемиологиялык көзөмөл чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдар, ошондой эле жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан жүзөгө ашырылат.

Өндүрүш жана керектөө калдыктары жөнүндө мыйзамдардын талаптарын бузууга төмөнкүлөр кирет:

- Кыргыз Республикасынын «Өндүрүш жана керектөө калдыктары жөнүндө» Мыйзамынын, эл аралык келишимдердин жана макулдашуулардын талаптарын сактабагандык;

- калдыктар менен иштөөдө айлана-чөйрөнүн сапаты боюнча стандарттарды, ченемдерди жана башка ченемдерди сактабагандык;

- калдыктар менен иштөөдө айлана-чөйрөгө, калктын ден соолугуна, ошондой эле юридикалык жана жеке жактардын, жеке ишкерлердин мүлкүнө зыян келтирүү;

- баштапкы эсепке алуу талаптарын аткарбоо, калдыктар менен иштөө боюнча маалыматтарды мамлекеттик контролдоо жана көзөмөл органдарына өз убагында бербөө же туура эмес маалымат берүү;

- Кыргыз Республикасынын лицензиялоо-уруксат берүү тутуму жөнүндө мыйзамдарында каралган учурларда, мамлекеттик экологиялык экспертизанын оң корутундусунун талап кылынганына карабастан анын жоктугу;

- калдыктарды атайын белгиленбеген жерлерге жайгаштыруу;

- мамлекеттик контролдоо жана көзөмөл органдарынын жазма буйруктарынын аткарбоо;

- калдыктарды трансчек аралык аркылуу ташуунун тартибин бузуу;

- калдыктар көмүлгөн жерлерге мониторинг жүргүзүү жана рекультивациялоо талаптарын бузуу;

- калктуу конуштарды калдыктардан тазалоонун белгиленген тартибин бузуу;

- калдыктарды ташуунун белгиленген тартибин бузуу.

Өндүрүш жана керектөө калдыктары жөнүндө мыйзамдарды бузууга күнөөлүү болгон жеке жана юридикалык жактар, ошондой эле жеке ишкерлер КР УБжКга ылайык жоопкерчиликке тартылат.

Жоопкерчиликке тартуу жарандардын ден соолугуна жана (же) мүлкүнө, башка юридикалык жактарга жана айлана-чөйрөгө келтирилген зыяндын ордун толтуруудан бошотпойт.

Калдыктарды чогултуу жана сактоо боюнча талаптар Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2015-жылдын 5-августундагы №559 токтому менен бекитилген өндүрүш жана керектөө
калдыктары менен иштөө тартиби менен жөнгө салынат, анда калдыктар менен иштөөнү ченемдөө тартиби, калдыктарды чогултуу жана сактоо боюнча жалпы талаптар, ошондой эле калдыктарды жайгаштыруу объекттерине коюлуучу экологиялык талаптар так белгиленген.

Кыргыз Республикасынын айлана-чөйрөнү коргоо жаатындагы мыйзамдарына ылайык, таштандылар жана калдыктар атайын бөлүнгөн жерлерге, аянтчаларга жана контейнерлерге гана ташталышы керек.

Белгиленбеген жерлер деп аталган максаттар үчүн, б.а. таштандыларды чогултуу, сактоо, кайра иштетүү жана көмүү үчүн атайын бөлүнбөгөн жерлер түшүнүлөт.

Мындай жерлерге таштанды жана калдыктарды таштоого тыюу салынат, анткени бул айлана-чөйрөнүн булганышына алып келет, айрыкча кооптуу калдыктар топуракка, сууга жана абага түшкөндө адамдардын жана жаныбарлардын ден соолугуна зыян келтирет. Таштандылардан бөлүнүп чыккан зыяндуу заттар адамдын жана жаныбарлардын организминин ичине кирип, ар кандай ооруларды пайда кылат жана экологиялык тең салмактуулукту бузат. Таштандылардын массалык топтолушу табигый экологиялык системалардын бузулушуна жана жаратылыш ресурстарынын түгөнүшүнө алып келет.

Өндүрүштүк, өнөр жай таштандыларын жана медициналык калдыктарды таштоо, үйүп салуу жеке жана юридикалык жактарга айып пул салат, анткени мындай таштандылар атайын утилдештирүүнү талап кылат.

Мыйзамдарда белгиленген талаптарды бузуунун натыйжасында келип чыккан булгануунун кесепеттери мындай бузууга жол берген адам тарабынан жоюлат.

КР УБжКнын 115-беренеси (мындан ары-бер.) коомдук тартипти, калктын санитардык-эпидемиологиялык бакубаттыгын жана айлана-чөйрөнү коргоого багытталган.

Жоопкерчилик зыяндуу кесепеттердин болушуна карабастан калдыктарды белгиленбеген жерлерге таштоо, үйүп салуу же өрттөө фактысы үчүн келип чыгат.

Укук бузуунун объектиси болуп абатташтыруу, аймактардын санитардык абалы жана экологиялык коопсуздук чөйрөсүндөгү коомдук мамилелер саналат.

Укук бузуу формалдуу мүнөзгө ээ жана зыяндуу кесепеттердин келип чыгышына карабастан тиешелүү иш-аракет жасалган учурдан тартып (таштоо, үйүп салуу же өрттөө) аяктаган болуп эсептелет.

Объективдүү жагы төмөнкү аракеттердин бирин жасоодо көрүнөт:

- тиричилик таштандыларын жана башка буюмдарды атайын бөлүнбөгөн жерлерге таштоо же үйүп салуу (115-бер. 1-б.);

- өндүрүштүк, өнөр жай же медициналык калдыктарды белгиленбеген жерлерге таштоо же үйүп салуу (2-б.);

- таштандыларды, турмуш-тиричиликтин катуу, өндүрүштүк, өнөр жай калдыктарын, башка буюмдарды, ошондой эле жалбырактарды атайын бөлүнбөгөн жерлерде өрттөө (3-б.).

Берене эскертүүсүнө ылайык, белгиленбеген жерлер деп таштандыларды чогултуу, сактоо же утилдештирүү үчүн арналбаган жана жабдылбаган бардык аймактар түшүнүлөт.

Квалификациялоо үчүн төмөнкүлөр мааниге ээ эмес:

- жер тилкесинин таандыктыгы;

- аракеттердин бир жолку же системалуу мүнөзү;

- ташталган же өрттөлгөн таштандылардын көлөмү (эгерде ал оорураак укук бузуунун курамын түзбөсө).

**115-берененин 1 жана 2-бөлүктөрүн айырмалоонун негизги критерийи - калдыктардын мүнөзү:**

- тиричилик таштандылары - жеке адамдардын жашоо-тиричилигинен пайда болгон калдыктар;

- өндүрүштүк, өнөр жай жана медициналык калдыктар - ишкердик, чарбалык же кесиптик ишмердүүлүктүн натыйжасында пайда болгон калдыктар.

115-берененин 3-бөлүгү **өз алдынча курам** болуп саналат жана калдыктардын түрүнө карабастан, аларды белгиленбеген жерлерде өрттөгөн учурда жоопкерчилик каралат.

Укук бузуунун субъектиси болуп мыйзамда белгиленген куракка жеткен жеке жактар, ошондой эле укук бузуу алардын ишмердүүлүгүнүн алкагында жасалган учурда юридикалык жактар саналат.

Субъективдүү жагы тике кара ниет менен мүнөздөлөт, анткени адам таштандыны белгиленбеген жерге таштап, үйүп же өрттөп жатканын билет. Айрым учурларда этиятсыздык түрүндөгү күнөө да болушу мүмкүн, бул жоопкерчиликти жокко чыгарбайт.

Соттук практикада укук бузуунун жасалган жери, ыкмасы, калдыктардын түрү жана субъекттин статусу (жеке же юридикалык жак) так аныкталбастан, формалдуу түрдө жоопкерчиликке тартууга жол берилбейт.

Жалпылоо көрсөткөндөй, ыйгарым укуктуу органдардын айып пул салуу жөнүндө токтомдоруна даттанууларды кароодо судьялар иш боюнча бардык далилдерди ар тараптуу изилдеп, аларга тийиштүү укуктук баа берип, чечимдерин айлана-чөйрөнү коргоо жана экологиялык коопсуздук чөйрөсүндөгү мыйзамдардын конкреттүү ченемдерине таянып негиздешет.

**Мисал:** ЖЧК «Терс-Булак» коомунун адвокаты жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын (ЖӨБ) 2024-жылдын 18-апрелиндеги КР УБжКнын 115-бер. 2-б. боюнча административдик жаза колдонуу тууралуу токтомуна даттанып, коомдун аракеттеринде укук бузуунун курамы жок экендигин көрсөткөн **(№ СМ-Н-33/24Б3).**

Иштин материалдарына ылайык, 2024-жылдын 18-апрелинде ыйгарым укуктуу органдын инспекторлору тарабынан көчмө текшерүү жүргүзүлүп, жыгач иштетүү өндүрүшүнүн калдыктары атайын каралбаган жерде тартипсиз сакталгандыгы аныкталган. Кароонун жыйынтыгы боюнча укук бузуу жөнүндө протокол түзүлүп, КР УБжКнын 115-бер. 2-б. негизинде 230 эсептик көрсөткүч өлчөмүндө айып пул салуу тууралуу токтом чыгарылган.

Сот даттанууну канааттандыруудан баш тартып жатып, МАБ-14 кварталдык органына буга чейин тургундан айлана-чөйрөнүн булганышы тууралуу кайрылуу түшкөнүн аныктаган. Муниципалдык инспекция тарабынан жүргүзүлгөн текшерүүнүн жыйынтыгында өндүрүш калдыктарынын белгиленбеген жерге ташталышы жана сакталуусу, экологиялык жана санитардык талаптардын бузулушу фактылары катталган. Бул жагдайлар кароо актысы, фотофиксация жана укук бузуу жөнүндө протокол менен тастыкталган.

Даттанууну кароодо сот арыз ээсинин жүйөлөрү жол берилген жана ишенимдүү далилдер менен ырасталбаган деген тыянакка келген. Иштин материалдарында аныкталган фактыларды жана жоопкерчиликке тартуунун мыйзамдуулугун жокко чыгаруучу документтер болгон эмес.

Сот юридикалык жактын аракеттеринде укук бузуунун курамы бар экендигин негиздүү деп тааныган, анткени ал белгиленген талаптарды сактоого реалдуу мүмкүнчүлүккө ээ болгон, бирок аларды аткаруу боюнча зарыл чараларды көргөн эмес.

Мындан тышкары, сот ЖЧК «Терс-Булак» тарабынан КР УБжКнын 115-бер. 2-б. каралган экологиялык талаптар бузулгандыгын белгилеп, ыйгарым укуктуу органдын токтомун мыйзамдуу жана негиздүү деп тапкан.

Ошентип, келтирилген мисал арыз ээсинин белгиленген жагдайларга берилген укуктук баага макул эместиги өз алдынча укук бузуу жөнүндө иш боюнча токтомду жокко чыгарууга негиз боло албай тургандыгын ачык көрсөтөт.

**Бирок экинчи мисалда** сот муниципалдык орган (ЖӨБ) тарабынан 17 000 сом өлчөмүндө айып пул салуу тууралуу токтомду укук бузуу жөнүндө протокол туура эмес түзүлгөндүгүнө байланыштуу жокко чыгарган.

Тактап айтканда, № ПН-1549/24-Б4 иши боюнча муниципалдык инспекциянын улук инспектору Т. Октогулов тарабынан Гончар О.В. карата КР УБжКнын 115-бер. 1-б. (жакын жайгашкан аймакты талаптагыдай күтпөгөндүгү үчүн) боюнча укук бузуу жөнүндө протокол түзүлүп, юридикалык жакка 170 эсептик көрсөткүч өлчөмүндө айып пул салынган.

Сот иш боюнча өндүрүштү кыскартуу тууралуу токтомун протокол юридикалык жакка карата түзүлгөнү менен, укук бузуучу катары жеке жак аныкталбагандыгы, ошондой эле укук бузуучу токтом чыгарылганы жөнүндө тийиштүү тартипте кабарланбагандыгы менен негиздеген.

Муну менен КР УБжКнын 497-бер. 2-б. талаптары бузулган, ага ылайык укук бузуу жасагандыгы үчүн жоопкерчиликке тартылып жаткан жеке жак ишти кароого жеке өзү катышууга тийиш.

Токтом апелляциялык тартипте даттанылган эмес.

Ушуга окшош токтомду жокко чыгаруу Н.Сатаралиевага байланыштуу **№ ПН-1425/24-Б4** ишинде да орун алган.

Иштин материалдарынан көрүнгөндөй, 2024-жылдын 25-июлунда Бишкек шаарынын мэриясынын алдындагы экологиялык инспекциянын инспектору М. Кадралиев тарабынан Н. Сатаралиевага карата белгиленбеген жерге таштанды ыргытуу фактысы боюнча КР УБжКнын 115-бер. 1-б. менен укук бузуу жөнүндө протокол түзүлүп, андан кийин айып пул салынган.

2024-жылдын 4-сентябрында ыйгарым укуктуу органдын комиссиясы тарабынан жаза дайындоо тууралуу токтом чыгарылган.

Иштин материалдарын карап чыгып, сот КР УБжКнын 537-бер. ылайык ыйгарым укуктуу орган укук бузуу жөнүндө ишти кароодо ишти туура чечүү үчүн маанилүү болгон бардык жагдайларды ар тараптуу, толук жана объективдүү тактоого милдеттүү экендигин көрсөткөн.

Бирок соттук отурумда укук бузуу жөнүндө протокол Н. Саталиеванын катышуусусуз түзүлгөндүгү аныкталган. Мындан тышкары, протоколдогу кол башка адам тарабынан коюлгандыгы иштин материалдары менен тастыкталган. Иште укук бузуу дал ушул Н. Сатаралиева тарабынан жасалгандыгын ишенимдүү тастыктаган далилдер жок болгон. Ошондой эле КР УБжКнын 542-бер. 2-б. талаптарына ылайык укук бузуучуга токтомдун көчүрмөсү жөнөтүлгөнүн же тапшырылганын тастыктаган далилдер да жок.

Ушуга байланыштуу сот ыйгарым укуктуу органдын токтомун жокко чыгарып, Н. Сатаралиеванын аракеттеринде укук бузуунун курамы жок болгондуктан иш боюнча өндүрүштү кыскарткан.

Бул соттук чечим укук бузуу жөнүндө протоколдорду түзүүдө жана жаза колдонууда процессуалдык талаптарды так сактоонун зарылдыгын көрсөтөт. Атап айтканда, ыйгарым укуктуу орган иш боюнча өндүрүш жүргүзүлүп жаткан адамдын милдеттүү катышуусун камсыз кылууга, протоколдогу колунун аныктыгын тастыктоого же кол коюудан баш тарткандыгын каттоого, ошондой эле укук бузуу дал ушул протокол түзүлгөн адам тарабынан жасалгандыгын документалдык далилдер менен ырастоого милдеттүү.

Укук бузууга адамдын катышкандыгын тастыктаган тийиштүү далилдердин жоктугу ыйгарым укуктуу органдын токтомун мыйзамсыз деп табууга жана иш боюнча өндүрүштү кыскартууга негиз болуп саналат.

**№ ПН-909/24-Б4** иши боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын (ЖӨБ) комиссиясынын жаза чарасын колдонуу тууралуу токтому белгиленген мөөнөттүн бузулушуна байланыштуу жокко чыгарылып, иш боюнча өндүрүш кыскартылган. Тактап айтканда, токтом укук бузуу жөнүндө протокол түзүлгөндөн кийин эки айдан ашык убакыт өткөн соң чыгарылган, бул КР УБжКнын 535-беренесинин талаптарын бузуу болуп саналат. Аталган беренеге ылайык, укук бузуу жөнүндө иш ыйгарым укуктуу орган протоколду алган күндөн тартып он күндүн ичинде каралууга тийиш.

Иштин материалдарынан көрүнгөндөй, укук бузуу жөнүндө протокол 2024-жылдын 27-февралында түзүлгөн, ал эми ыйгарым укуктуу органдын комиссиясынын токтому 2024-жылдын 29-майында чыгарылган.

Бул жагдай укук бузуулар жөнүндө иштерди кароодо ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдардын комиссиялары тарабынан процессуалдык мөөнөттөрдү так жана сөзсүз сактоонун зарылдыгын көрсөтөт, анткени бул мыйзамдуулукту, адилеттүүлүктү жана кабыл алынган чечимдердин негиздүүлүгүн камсыз кылуунун маанилүү шарты болуп саналат.

Ошентип, жогоруда келтирилген мисалдар укук бузуу жөнүндө протокол түзүүдө жол берилген процессуалдык бузуулар, укук бузуунун фактысы болгондугуна карабастан, адамдарды жоопкерчиликке тартуунун мүмкүн эместигине алып келерин көрсөтөт.

**159-берене. Аэродромдун аймагында канаттуулардын жана жаныбарлардын жалпы топтолгон уяларын жайгаштырууну жана пайдаланууну бузуу**

КР УБжКнын 159-беренеси аэродром аймагында канаттуулар менен жаныбарлардын жалпы топтолгон уяларын жайгаштыруу жана пайдалануу эрежелерин

бузгандыгы үчүн жоопкерчиликти белгилейт жана мындай бузуулар олуттуу мүнөзгө ээ болуп саналат. Бул укук бузуу учуулардын коопсуздугуна коркунуч жаратат, ошондой эле айлана-чөйрөгө зыян келтириши мүмкүн. Жоопкерчилик аэродромго жакын аймактарда уруксатсыз иш жүргүзгөндүгү үчүн, ошондой эле канаттуулар менен жаныбарлардын жалпы топтолушуна шарт түзгөн аракеттер үчүн келип чыгышы мүмкүн.

Бул ченем учуулардын коопсуздугун камсыз кылууга жана аэродромдордун аймагында аба кемелеринин жалпы түрдө топтолушунун натыйжасында канаттуулар жана жаныбарлар менен кагылышуу коркунучун болтурбоого багытталган.

Укук бузуунун объектиси авиациялык коопсуздук чөйрөсүндөгү башкаруунун белгиленген тартиби болуп саналат.

Объективдүү жагы аэродром аймагында канаттуулар менен жаныбарлардын жалпы топтолуу уяларын түзгөн объекттерди же аймактарды (таштанды жайлары, тоют берүүчү жайлар, суу объектилери жана башка) жайгаштыруу же пайдалануу боюнча белгиленген эрежелерди бузууда көрүнөт жана зыяндуу кесепеттердин келип чыгышына карабастан жоопкерчилик каралат.

Укук бузууну квалификациялоо үчүн зыяндуу кесепеттердин келип чыгышы талап кылынбайт, анткени курам формалдуу болуп саналат жана белгиленген талаптарды бузуу фактысы орун алган учурдан тартып аяктаган деп эсептелет. Жоопкерчиликке тартуу үчүн белгиленген талаптардын бузулгандыгы жетиштүү.

Укук бузуунун субъекттери болуп аэродром аймагында иш жүргүзгөн же объекттерге ээлик кылган, пайдаланган же эксплуатациялаган жеке жана юридикалык жактар саналат. Субъективдүү жагы, эреже катары, атайылап же этиятсыздык менен мүнөздөлөт.

Бул категориядагы иштерди кароодо соттор аэродром аймагында мыйзамдар менен белгиленген чектөөлөрдүн бар экендигин, алардын бузулгандыгын, ошондой эле тиешелүү объекттерди жайгаштыруу же пайдалануу менен канаттуулар жана жаныбарлардын жалпы топтолуу уяларын ортосундагы себептик байланыштын бар экендигин аныктоого тийиш.

Кыргыз Республикасында аэропорттордо жапайы жаратылыштан келип чыккан коркунучтарды алдын алуу үчүн комплекстүү ыкмалар колдонулат. Бул ыкмалар жапайы жаратылышты башкарууну камтыйт жана тобокелдиктерди баалоону, мониторинг жүргүзүүнү жана жаныбарларды жана канаттууларды үркүтүү жана четтетүү боюнча үзгүлтүксүз иш-чараларды өзүнө алат. Негизги максат - учуулардын коопсуздугун камсыз кылуу, аба кемелеринин жабыркашына жол бербөө жана адамдарды коргоо.

Кыргыз Республикасынын Транспорт жана коммуникациялар министрлигине караштуу Жарандык авиация агенттигинин расмий сайтында жарыяланган «Кыргыз Республикасынын аэропортторунда жапайы жаратылыштан келип чыккан коркунучтарды алдын алуу жана аларды жоюу ыкмалары» аттуу нускамада төмөнкүлөр каралган:

- тобокелдиктерди баалоо, башкача айтканда аэродромдор жапайы жаныбарлар менен канаттууларды өзүнө тарткан аймактарды эсепке алып, кагылышуу фактылары боюнча маалыматтарды чогултууга милдеттүү;

- аэропорттор өз аймагын жана ага чектеш аймактарды жапайы жаныбарлар үчүн жагымсыз кылуу боюнча чараларды көрүүгө тийиш, атап айтканда:

1. таштандыларды өз убагында жыйноо жана таштанды жайларынын пайда болушуна жол бербөө;

2. Суу сактагычтарды кургатуу же топурак менен толтуруу, анткени алар суу канаттууларын өзүнө тартып турат.

3. Айрым участкаларда чөптү үзгүлтүксүз чабуу, бул аймактарды кээ бир куш түрлөрүнүн жашоосу үчүн азыраак ылайыктуу кылат.

4. Активдүү үркүтүү - аэродромдун аймагынан куштарды жана жаныбарларды үркүтүү үчүн ар кандай ыкмалар колдонулат: биоакустикалык системалар - белгилүү түрлөргө мүнөздүү жырткычтардын үнүн же кооптуу абал сигналдарын жаңыртуу; пиротехникалык каражаттар - жаныбарларды тез үркүтүү үчүн жарык жана үн эффекттери; лазердик орнотмолор - айрыкча түнкү убакта колдонулат; үйрөтүлгөн жаныбарлар - аймакты көзөмөлдөө үчүн жырткыч куштарды (шумкар менен аңчылык) же иттерди (бордер-колли) колдонуу.

5. Туруктуу мониторинг. Аэропорттун кызматкерлери жапайы жаныбарлар менен куштарды көзөмөлдөө үчүн аймакты үзгүлтүксүз патрулдап турушу керек. Коркунуч аныкталган учурда дароо тиешелүү чараларды көрүп, бул тууралуу учкучтарга кабарлоо зарыл.

6. Аэропорттор аэропортко жакын жайгашкан аймактарда жапайы жаратылышка байланышкан көйгөйлөрдү чечүү үчүн жергиликтүү бийлик органдары, жер ээлери жана жаратылышты коргоо органдары менен кызматташууга тийиш.

7. Кызматкерлерди окутуу. Жаныбарлар жана куштар менен иш алып барган кызматкерлердин тийиштүү деңгээлде даярдалышы кабыл алынган чаралардын максималдуу натыйжалуулугун камсыз кылуу үчүн өзгөчө мааниге ээ.

Соттук статистиканын маалыматтарына жана жалпылоого келип түшкөн соттук материалдарга ылайык, ушул беренеге ылайык ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган тарабынан жаза колдонуу жөнүндө токтомдорго карата даттануулар сотко түшкөн эмес.

**Экологиялык коопсуздукту камсыз кылуу чөйрөсүндө башкаруу тартибине каршы укук бузуулар (23-глава, 203-213-4-беренелер).**

**КР УБжКнын 23-главасы** экологиялык коопсуздукту камсыз кылуу, жаратылыш ресурстарын сарамжалдуу пайдалануу жана чарбалык жана башка ишмердүүлүктүн айлана-чөйрөгө жана калктын ден соолугуна тийгизген зыяндуу таасирин алдын алуу чөйрөсүндө мамлекеттик башкаруунун белгиленген тартибине кол салган укук бузууларды камтыйт.

Аталган главанын негизги максаты - экологиялык зыяндын алдын алуу жана экологиялык жактан кооптуу ишмердүүлүккө контролдук кылуу системасын түзүү болуп саналат.

Главанын ченемдери инновациялык, өндүрүштүк, агрардык, биотехнологиялык, калдыктарды кайра иштетүү жана экологиялык коркунуч жаратуу мүмкүнчүлүгү бар башка ишмердүүлүктөргө, ошондой эле экологиялык контролдоо жана көзөмөл жүргүзүү боюнча милдеттүү талаптарды аткарууга байланышкан коомдук мамилелердин кеңири чөйрөсүн камтыйт.

Мындай укук бузууларга төмөнкүлөр кирет:

- жаңы технологияларды, техникаларды, жабдууларды, ойлоп табууларды киргизүүдө экологиялык коопсуздук талаптарын бузуу (203-бер.). Бул учурда жоопкерчилик экологиялык коопсуздук объектине чыныгы зыян келтирилгенине карабастан келип чыгат;

- пестициддер, агрохимикаттар жана минералдык жер семирткичтер менен иштөөдө бузуулар (204–206-бер.), анын ичинде өндүрүү, ташуу, сактоо, сатуу, колдонуу, утилдештирүү, ошондой эле айыл чарба чийки затын жана тамак-аш продукциясын пестициддердин уруксат берилген деңгээли боюнча жүгүртүүдөн чыгаруу. Бул учурда заттарды сактоо, маркировкалоо жана колдонуу ченемдерин сакталгандыгын документалдык тастыктоо өзгөчө мааниге ээ;

- биологиялык активдүү заттар жана биотехнология объекттери менен иштөөдө бузуулар, анын ичинде микроорганизмдердин жаңы штаммдарын түзүү, өндүрүү жана колдонуу (207–208-бер.). Мамлекеттик каттоонун, лицензиялоонун талаптарын сактоо жана лабораториялык контролду жүргүзүү өзгөчө мааниге ээ;

- мамлекеттик экологиялык экспертизадан өтүүдөн качуу же анын жазма буйруктарын аткарбоо (209-бер.);

- кырсыктардын жана башка зыяндуу таасирлердин кесепеттерин алдын алуу же жоюу боюнча чараларды көрбөө (210-бер.). Мында сот өзгөчө экологиялык кырдаал аймагынын бар-жогун, зыяндын алдын алуу мүмкүнчүлүгүн жана айлана-чөйрөнү калыбына келтирүү боюнча милдеттердин аткарылышын баалайт;

- жаратылышты коргоо курулмаларын жана жабдууларын пайдалануу эрежелерин бузуу, калдыктарды кайра иштетүү ченемдерин сактабоо, калдыктардан продукция өндүрүү талаптарын бузуу (211-213, 212-1-бер.). Бул жерде документтерге, технологиялык карталарга жана утилдештирүү жыйымдарын төлөөгө өзгөчө көңүл бурулат;

- полимердик пленкадан жасалган пакеттердин жана пластик буюмдардын жүгүртүүсүнө коюлган тыюуларды жана чектөөлөрдү бузуу, анын ичинде Ысык-Көлдүн коргоо жана курорттук-рекреациялык аймактарында (213-1–213-2-бер.). Бузуунун кайталануу фактысы, мүнөзү жана эскертүүлөрдүн болушу эске алынат;

- Ысык-Көлдө суу мототранспортун (гидроцикл, скутер) пайдалануу эрежелерин бузуу (213-3-бер.);

- Ысык-Көлдүн пляждык аймактарын катуу тиричилик калдыктарынан атайын техника менен терең тазалоону өз убагында же талаптагыдай жүргүзбөө (213-4-бер.).

Көрсөтүлгөн укук бузуулардын курамы формалдуу болуп саналат, башкача айтканда жоопкерчилик экологиялык коопсуздук талаптарын бузуу фактысынын өзү үчүн, зыяндын келип чыккан-чыкпаганына карабастан келип чыгат. Зыян болсо коомдук коркунучтуулук даражасын баалоодо гана эске алынат.

Укук бузуунун субъекттери болуп жеке жана юридикалык жактар, негизинен потенциалдуу кооптуу заттар, технологиялар жана объекттер менен иш жүргүзгөн чарба субъекттери саналат.

Субъективдүү жагы кара ниеттик же этиятсыздык түрүндөгү күнөө менен мүнөздөлөт, айлана-чөйрөгө зыян келтирүү максатынын болушу квалификациялоо үчүн милдеттүү эмес.

Иштерди кароодо атайын экологиялык талаптардын, техникалык регламенттердин жана ченемдик-укуктук актылардын артыкчылыгынан чыгуу, ошондой эле эгерде бузуулар айлана-чөйрөгө олуттуу зыян келтириши мүмкүн болсо, административдик укук бузуулар менен экологиялык кылмыштарды айырмалоо зарыл.

Соттук практикада мамлекеттик экологиялык экспертизанын талаптарын сактоого, кырсыктардын кесепеттерин алдын алууга жана жоюуга, калдыктар, пестициддер, биологиялык активдүү заттар жана пластик буюмдар менен иштөө эрежелерине, анын ичинде коргоо жана курорттук-рекреациялык аймактарга өзгөчө көңүл бурулууга тийиш.

КР УБжКнын 23-главасында каралган укук бузуулар үчүн жаза чаралары ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдар тарабынан колдонулат.

Соттук статистиканын жана жалпылоого келип түшкөн соттук материалдардын талдоосу көрсөтүп тургандай, аталган категориядагы иштер боюнча ыйгарым укуктуу органдардын токтомдоруна карата сотко даттануулар келип түшкөн эмес, бул мындай талаш-тартыштар сот тартибинде каралбаганын билдирет.

Бул категориядагы иштер боюнча соттук практика жок болгонуна карабастан, алардын маанилүүлүгү жана коомдук коркунучтуулугу укук колдонуу практикасын мындан ары да көзөмөлдөөнү жана системалаштырууну талап кылат.

**Калктын санитардык-эпидемиологиялык бакубаттыгын, ветеринардык жана фитосанитардык коопсуздукту камсыз кылуу чөйрөсүндөгү башкаруу тартибине каршы укук бузуулар (24-глава, 214–226-6-беренелер)**

Техникалык регламенттердин талаптары, санитардык эрежелер жана гигиеналык ченемдер - бул адамдын жашоо чөйрөсүнүн коопсуздугун жана зыянсыздыгын камсыз кылган эрежелердин жана талаптардын жыйындысы болуп саналат. Аларга микроклимат, аба, жарыктандыруу, ызы-чуу, вибрация сыяктуу факторлор, ошондой эле адамдын жашоо-тиричилигинин жана уюмдардын ишмердүүлүгүнүн шарттары кирет. Бул ченемдик актылар жарандардын ден соолугун сактоого, жагымдуу шарттарды камсыз кылууга жана жугуштуу оорулардын жайылышын алдын алууга негиз болуп кызмат кылат.

**Гигиеналык ченемдер** - бул зыяндуу заттардын таасир этүүсүнүн жол берилген чектерин аныктайт, анын ичинде жол берилген максималдуу концентрациялар (ЖМК) жана радиациялык таасирдин жол берилген деңгээлдери.

Санитардык-эпидемиологиялык эрежелер (СанПиН) - бул мамлекеттик ченемдик-укуктук актылар болуп саналат жана алар өндүрүштүк, турак жай жана коомдук чөйрөлөрдө коопсуздукту жана зыянсыздыкты камсыз кылуу боюнча талаптарды белгилейт.

Бул талаптардын негизги максаты - калктын ден соолугун коргоо жана сактоо, жагымдуу шарттарды камсыз кылуу болуп саналат, башкача айтканда жашоо жана эмгек үчүн жагымдуу шарттарды түзүүнүн жана сактоонун негизин түзөт. Бул талаптарды сактоо бардык жеке жана юридикалык жактар, ошондой эле уюмдар үчүн алардын ишмердүүлүгүнүн алкагында милдеттүү болуп саналат.

КР УБжКнын 24-главасы санитардык, эпидемиологиялык, ветеринардык жана фитосанитардык ченемдерди жана эрежелерди бузгандыгы үчүн жоопкерчиликти жөнгө салат. Бул главанын негизги максаты - калктын санитардык-эпидемиологиялык бакубаттыгын, ветеринардык жана фитосанитардык коопсуздукту камсыз кылуу, жугуштуу жана карантиндик оорулардын жайылышын алдын алуу, ошондой эле адамдардын жана жаныбарлардын ден соолугун коргоо болуп саналат.

Бул чөйрөдөгү укук бузуулар коомдук мамилелердин кеңири чөйрөсүн камтыйт:

- тамак-аш азыктарын жана чийки затты өндүрүү, жүгүртүү жана сатуу;
- ичүүчү суу менен камсыз кылуу;
- турак жайларда жана коомдук имараттарда санитардык ченемдерди сактоо;
- карантиндик жана чектөө иш-чаралар;
- химиялык продукцияны өндүрүү, сактоо жана жок кылуу;
- ветеринардык жана фитосанитардык ишмердүүлүк;
- аквакультура жана суу биологиялык ресурстарын коргоо.

Бул укук бузуулар үчүн жоопкерчилик зыяндуу кесепеттердин келип чыгышына карабастан белгиленген тартипти бузуу фактысы үчүн келип чыгат.

Укук бузуунун субъекттери болуп жеке жана юридикалык жактар, чарба жүргүзүүчү субъекттер, жеке ветеринардык практика жүргүзгөн адамдар, лабораториялар, тамак-аш жана балык өнөр жай ишканалары саналат.

Субъективдүү жагы кара ниеттик же этиятсыздык түрүндөгү күнөө менен мүнөздөлөт. Зыян келтирүү максатынын болушу милдеттүү эмес. Мисалы, санитардык ченемдерди же карантин эрежелерин бузуу фактысы, реалдуу зыян келтирилбесе да, укук бузуу катары каралат.

Квалификациялоо үчүн контролдоо органдарынын жазма буйруктарын, лабораториялык актылардын, санитардык корутундулардын жана ветеринардык көзөмөлдүн отчетторунун болушу маанилүү.

Ченемдердин атаандашуусу болгон учурда санитардык, ветеринардык жана фитосанитардык талаптар, ошондой эле техникалык регламенттер артыкчылыкка ээ болгон атайын ченемдер катары колдонулат.

Соттук практиканын талдоосу көрсөтүп тургандай, бул категориядагы иштер боюнча ыйгарым укуктуу органдардын токтомдоруна карата сотко даттануулар келип түшкөн эмес.

**Радиациялык коопсуздукту камсыз кылуу чөйрөсүндөгү башкаруу тартибине каршы укук бузуулар (25-глава, 223–227-1-беренелер)**

КР УБжКнын 25-главасы радиоактивдүү заттар, радиоактивдүү жана уулуу калдыктар менен иштөө, ошондой эле радиациялык авариялардын алдын алуу жана радиациялык коопсуздуктун атайын режимдерин сактоо менен байланышкан радиациялык жана экологиялык коопсуздук чөйрөсүндөгү бузуулар үчүн жоопкерчиликти белгилейт.

Бул глава адамга жана айлана-чөйрөгө радиациялык таасирдин алдын алууга, жогорку кооптуу объекттерди коопсуз эксплуатациялоону камсыз кылууга, ошондой эле иондоштуруучу нурлануунун булактары менен байланышкан ишмердүүлүктү контролдоого багытталган.

Укук бузуулардын объектиси болуп радиациялык коопсуздук, айлана-чөйрөнү коргоо жана калктын ден соолугун сактоо чөйрөсүндөгү мамлекеттик башкаруунун белгиленген тартиби саналат.

Укук бузуулардын предмети болуп радиоактивдүү заттар, радиоактивдүү калдыктар, уулуу өндүрүш калдыктары, өндүрүш жана керектөө калдыктары, кооптуу калдыктарды сактоо, кайра иштетүү, ташуу жана көмүү объекттери, ошондой эле радиациялык булгануу зоналары эсептелет.

**Объективдүү жагы** белгиленген коопсуздук талаптарын бузууда же аткарбоодо, радиоактивдүү жана уулуу заттар менен иштөө боюнча атайын эрежелерди сактабаганда, радиациялык коопсуздук зоналарынын режимин бузууда, авариялардын алдын алуу же алардын кесепеттерин жоюу боюнча чараларды көрбөгөндүктө көрүнөт.

Субъекттери болуп мыйзамда белгиленген куракка жеткен жана жоопкерчиликке тартылуучу жеке жактар, ошондой эле укук бузуу алардын ишмердүүлүгүнүн жүрүшүндө жасалган учурда юридикалык жактар саналат.

Радиоактивдүү заттар менен иштөөдө коопсуздук талаптары жана радиоактивдүү калдыктар менен иштөөдө иштерди коопсуз жүргүзүү Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасынын калкынын радиациялык коопсуздугу жөнүндө», «Айлана-чөйрөнү коргоо жөнүндө» мыйзамдары, «Радиациялык коопсуздук жөнүндө» техникалык регламенти жана «Кыргыз Республикасында экологиялык коопсуздукту камсыз кылуу боюнча жалпы техникалык регламент» менен жөнгө салынат.

**Калктын радиациялык коопсуздугу** - бул адамдардын азыркы жана келечек муундарынын, ошондой эле айлана-чөйрөнүн иондоштуруучу нурлануунун зыяндуу таасиринен корголгон абалы. Радиациялык коопсуздук инсан, коом жана мамлекет коопсуздугунун курамдык бөлүгү болуп саналат жана укуктук, уюштуруучулук, инженердик-техникалык, санитардык-гигиеналык, медициналык, тарбиялык жана билим берүү мүнөзүндөгү чаралар комплексин ишке ашыруу аркылуу камсыз кылынат.

Радиациялык коопсуздукту камсыз кылуу чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ыйгарым укуктары Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасынын калкынын радиациялык коопсуздугу жөнүндө» мыйзамынын 11-беренесинде каралган, анда радиациялык коопсуздукту камсыз кылуу талаптары да белгиленген.

**Радиациялык коопсуздуктун максаты** - адамдардын азыркы жана келечек муундарын иондоштуруучу нурлануунун ден соолукка зыяндуу таасиринен коргоонун кабыл алынуучу деңгээлин камсыз кылуу, башкача айтканда, адамдардын ден соолугуна жана айлана-чөйрөгө жол берилгис тобокелдикти жокко чыгарган шарттарды түзүү болуп саналат.

Радиациялык коопсуздукту камсыз кылуу чөйрөсүндөгү техникалык жөнгө салуунун мыйзамдык актысы болуп Кыргыз Республикасынын 2011-жылдын 29-ноябрындагы №224 «Радиациялык коопсуздук жөнүндө» техникалык регламенти саналат.

«Радиациялык коопсуздук жөнүндө» техникалык регламент адамдардын өмүрүн, ден соолугун жана айлана-чөйрөнү иондоштуруучу нурлануунун зыяндуу таасиринен коргоо максатында колдонулат жана иондоштуруучу нурлануунун булактарын негизделген, пайдалуу жана коопсуз пайдалануу үчүн шарттарды түзүүгө багытталган радиациялык коопсуздукту камсыз кылуу талаптарын белгилейт.

Техникалык регламент менен аныкталган радиациялык коопсуздук талаптары адамды иондоштуруучу нурланууга дуушар кылган же мындай нурланууга дуушар болуу мүмкүнчүлүгүн жараткан бардык процесстерге колдонулат жана радиациялык объекттерди долбоорлоо, куруу жана эксплуатациядан чыгаруу, радиоактивдүү заттарды жана иондоштуруучу нурлануунун башка булактарын казып алуу, өндүрүү, сактоо, пайдалануу, ташуу, кайра иштетүү жана көмүү, ошондой эле иштөөсү иондоштуруучу нурланууну пайдаланууга негизделген приборлорду, орнотмолорду жана аппараттарды, ошондой эле иондоштуруучу нурланууну жаратуучу түзүлүштөрдү монтаждоо, оңдоо жана жөндөө иштерин жүзөгө ашыруучу бардык юридикалык жана жеке жактар үчүн милдеттүү болуп саналат.

Радиоактивдүү калдыктарга мындан ары пайдаланууга арналбаган жана курамында радиоактивдүү заттар бар же радиоактивдүү заттар менен булганган, кандай агрегаттык абалда болбосун, алардын курамы жөнгө салуучу орган тарабынан белгиленген деңгээлдерден ашкан материалдар кирет.

Радиоактивдүү калдыктар менен иштөөдө иштерди коопсуз жүргүзүү талаптары Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2015-жылдын 5-августундагы № 558 токтому менен бекитилген «Радиоактивдүү калдыктарды башкаруу боюнча жетекчилик» менен жөнгө салынат. Бул документ мындай калдыктар менен иштөө тартибин белгилеп, аларды классификациялоо, коопсуз чогултуу, сактоо, кайра иштетүү жана көмүү боюнча эрежелерди аныктайт. Ал Кыргыз Республикасынын экологиялык коопсуздукту камсыз кылууга жана радиоактивдүү материалдарга байланышкан тобокелдиктерди азайтууга багытталган комплекстүү мыйзамдарынын курамдык бөлүгү болуп саналат.

**Даттанууну кароодо сот** ыйгарым укуктуу орган тарабынан келтирилген төмөнкү далилдерди текшерүүгө тийиш:

- текшерүүлөрдүн же инспекциялардын актылары, анда аныкталган мыйзам бузуулар баяндалып, ошондой эле мыйзамдардын конкреттүү ченемдерине (223–227-бер.) шилтемелер берилет.

1) радиоактивдүү заттарды жана калдыктарды эсепке алуу журналдары - эсепке алуунун, сактоонун жана ташуунун туура жүргүзүлгөнүн же бузулганын тастыктаган; радиациялык коопсуздук боюнча долбоордук документация жана нускамалар - эрежелерден, ченемдерден же нускамалардан четтөөлөрдү аныктаган; авариялык жана профилактикалык иш-чаралар жүргүзүлгөндүгү жөнүндө документтер (225-берене «Кырсыктардын алдын алуу тартибин бузуу» боюнча) - тиешелүү чаралар аткарылганын же аткарылбаганын далилдеген.

- эксперттик корутундулар: радиациялык-гигиеналык экспертизалар (радиоактивдүү фонду, булгануу деңгээлин өлчөө) - белгиленген ченемдердин ашырылганын же коопсуз

режимдин бузулганын тастыктаган; экологиялык экспертизалар (224-1-берене боюнча) - уулуу калдыктар менен иштөө эрежелеринин сакталбаганын тастыктаган; техникалык жана инженердик корутундулар - жабдуулардын абалын, сактоочу жайлардын абалын, сактоо жана ташуунун тууралыгын баалаган.

- фотосүрөттөр жана видеожазуулар - мыйзам бузууларды (мисалы, радиоактивдүү калдыктарды туура эмес сактоо) каттоочу; радиациялык фонду көзөмөлдөө же калдыктарды эсепке алуу системаларынын электрондук маалыматтары.

- күбөлөрдүн көрсөтмөлөрү.

**Сот тарабынан токтомдорду жокко чыгаруунун** негиздери төмөнкүлөр болушу мүмкүн:

- процессуалдык бузуулар (токтом белгиленген тартип сакталбастан чыгарылган, мисалы, эскертүү берилген эмес же текшерүү жүргүзүлгөн эмес), ошондой эле жаза колдонуу же кабарлоо мөөнөттөрүнүн бузулушу;

- далилдердин жетишсиздиги;

- укук бузуунун туура эмес квалификациясы (мисалы, ыйгарым укуктуу орган радиоактивдүү калдыктар менен иштөө эрежелеринин бузулушун уулуу калдыктарды сактоо ченемдерин бузуу катары квалификациялаган учурда);

- органдын ыйгарым укуктарынан аша чабуусу (айып пул мыйзам боюнча мындай укугу жок орган тарабынан дайындалган);

- айып пулду туура эмес эсептөө;

- мыйзамга карама-каршылык (ыйгарым укуктуу органдын токтому Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына, анын ичинде беренелердин жаңыртылган редакцияларына каршы келсе, мисалы, күчүн жоготкон берене колдонулган учурда).

**Маалыматтык коопсуздук чөйрөсүндөгү укук бузуулар (26-глава, 228–228-1-беренелер).**

КР УБжКнын 26-главасынын ченемдерин каралып жаткан категориядагы иштердин алкагында талдоо маалыматтык коопсуздук чөйрөсүндөгү укук бузуулар айлана-чөйрөнү коргоо менен байланышкан коомдук мамилелерге да таасир этерин көрсөтөт.

Экологиялык чөйрөдөгү маалыматтык коопсуздук өз ара байланышкан эки аспектти камтыйт.

1. Экологиялык маалыматты киберкоркунучтардан коргоо.

Экологиялык маалыматка экологиялык мониторингдин маалыматтары, өлчөөлөрдүн жыйынтыктары, аналитикалык материалдар, экологиялык тобокелдиктердин божомолдору, эмиссиялар жөнүндө маалыматтар, суу объекттеринин, топурактын абалы, биологиялык ар түрдүүлүк жана айлана-чөйрөнү коргоо чөйрөсүндө башкаруучулук чечимдерди кабыл алууда колдонулуучу башка маалыматтар кирет.

Мындай маалыматты коргоо төмөнкүлөрдү камтыйт:

- экологиялык маалыматтардын купуялуулугун, бүтүндүгүн жана жеткиликтүүлүгүн камсыз кылуу;

- маалыматка уруксатсыз жетүүнү, аны өзгөртүүнү, жок кылууну же таратууну алдын алуу;

- экологиялык мониторингдин маалыматтык системаларын киберчабуулдардан жана иштебей калуулардан коргоо, алар экологиялык баалоонун бурмаланышына же өзгөчө маанилүү процесстердин токтоп калышына алып келиши мүмкүн.

КР УБжКнын 228-бер. каралган укук бузуулар экологиялык мүнөздөгү корголгон санариптик маалыматтарга мыйзамсыз жетүүдө, аларды өзгөртүүгө, көчүрүүгө же таратууга алып келген аракеттерде чагылдырылышы мүмкүн, бул туура эмес башкаруучулук чечимдердин кабыл алынышына жана айлана-чөйрөгө зыян келтирүү коркунучун жаратат.

Мындай иштерди кароодо маалыматтын функционалдык маанисин жана экологиялык маалыматтардын бурмаланышынын мүмкүн болуучу кесепеттерин эске алуу зарыл.

**2. Маалыматтык чөйрөнүн экологиялуулугу жана санариптик туруктуулук**

Маалыматтык коопсуздуктун экинчи аспектиси маалыматтык чөйрөнүн өзүнүн туруктуу жана экологиялык жоопкерчиликтүү иштөөсүн камсыз кылуу менен байланышкан.

Ал төмөнкүлөрдү камтыйт:

- маалыматтык-коммуникациялык технологияларды пайдалануунун натыйжасында пайда болгон электрондук калдыктарды башкаруу жана электрондук таштандылардын айлана-чөйрөгө терс таасирин алдын алуу;

- маалыматтык системалардын энергия керектөөсүн оптималдаштыруу, анын ичинде суу менен камсыз кылуу, жылуулук менен камсыз кылуу жана экологиялык мониторинг тармактарында колдонулуучу системалар;

- экологиялык изди азайтууга багытталган «жашыл» маалыматтык технологияларды киргизүү жана колдонуу, анын ичинде процесстерди санариптештирүү, алыстан өз ара аракеттенүү формалары жана энергияны үнөмдөөчү IT-чечимдер.

Коммерциялык мүнөздөгү маалыматтарды коргоо талаптарын бузуу (КР УБжКнын 228-1-беренеси), экологиялык мааниге ээ чөйрөлөрдө санариптик системаларды пайдаланууда жол берилген учурда, алардын экологиялык коопсуздукту камсыз кылууга жана чарбалык ишмердүүлүктүн туруктуулугуна тийгизген мүмкүн болгон таасири жагынан бааланууга тийиш.

КР УБжКнын 228 жана 228-1-беренелери боюнча иштерди кароодо экологиялык маалымат корголуучу санариптик маалыматтар категориясына кириши мүмкүн экендигин жана мындай маалыматтын бүтүндүгүнө жана аныктыгына кол салуулар коомдук маанилүү кесепеттерге алып келиши мүмкүн экендигин эске алуу зарыл.

Бул глава боюнча укук бузуунун далилдери болуп төмөнкүлөр саналат:

- мыйзамсыз жетүүнүн фактысы (серверлерге, маалымат базаларына же булут кызматтарына кирүү журналдары), башка эсептик жазуулар аркылуу кирүү аракеттери, маалыматтык коопсуздук системаларынын техникалык отчеттору (SIEM, IDS/IPS);

- маалыматка зыян келтирүү же таасир этүү фактысы (өзгөртүлгөн, өчүрүлгөн, бөгөттөлгөн же көчүрүлгөн файлдар), маалыматтын жоголушун, өзгөртүлүшүн же чыгып кетишин тастыктаган скриншоттор же резервдик көчүрмөлөр;

- укук бузуучуну аныктоо (IP-даректер, логиндер, эсептик жазуулар), компьютердик криминалистика боюнча эксперттердин корутундулары, кызматкерлердин же системанын администраторлорунун көрсөтмөлөрү;

- маалыматка жетүү боюнча чектөөлөрдүн бар экендиги (маалыматка жетүү мыйзам же ички эрежелер менен чектелгендигин тастыктаган документтер);

- маалыматтын статусун тастыктаган документтер (228-1-берене үчүн - маалыматтын коммерциялык мүнөзгө ээ экендигин далилдөөчү материалдар, мисалы келишимдер, лицензиялар, коммерциялык сыр реестрлери);

- эксперттик корутундулар (компьютердик-техникалык экспертизалар, маалыматты бузуу, көчүрүү же берүү фактысын тастыктоочу), маалыматтын бүтүндүгүнө жана купуялуулугуна тийгизген таасир боюнча отчеттор.

Ыйгарым укуктуу органдардын жаза колдонуу жөнүндө токтомдорун жокко чыгаруунун негиздерине төмөнкүлөр кирет:

- процессуалдык бузуулар (укук бузуучуга текшерүү жүргүзүү же айып пул салуу ниети жөнүндө билдирүүнүн тартибин бузуу, ишти кароо мөөнөттөрүнүн бузулушу);

- далилдердин жетишсиздиги же жоктугу;

- укук бузууну туура эмес квалификациялоо;

- ыйгарым укуктардан аша чабуу (мыйзамга ылайык мындай укук бузуулар боюнча айып пул салууга укугу жок орган тарабынан токтом чыгаруу) жана башка негиздер.

**Санариптик чөйрөсүндөгү укуктук мамилелердин субъекттеринин укуктарына зыян келтирүүчү бузуулар (26-1-глава, 228-2 – 228-10-беренелер)**

КР УБжКнын 26-1-главасынын ченемдери санариптик укук мамилелеринин субъекттеринин укуктарын коргоого багытталган жана айлана-чөйрөнү коргоо чөйрөсү үчүн да мааниге ээ. Санариптик технологиялар экологиялык мааниге ээ кызматтарды көрсөтүүдө, мамлекеттик санариптик реестрлерди жүргүзүүдө жана экологиялык маалыматка жетүүнү камсыз кылууда колдонулат.

Санариптик сервистер экологиялык мониторинг жүргүзүүдө, уруксат берүүчү документтерди берүүдө, экологиялык маалыматка жетүүнү камсыз кылууда, мамлекеттик санариптик реестрлерди жүргүзүүдө жана талаш-тартыштарды кароодо колдонулат, бул

өз кезегинде колдонуучулардын жана маалыматтардын принципалдарынын укуктарын сактоонун зарылдыгын шарттайт.

Санариптик технологияларды колдонуучулардын укуктарын бузуу (КР УБжКнын 228-2-беренеси) экологиялык мааниге ээ кызматтарды көрсөтүүдө, анын ичинде уруксаттарды, лицензияларды алуу жана экологиялык маалыматка жетүүдө санариптик же кагаз түрүндөгү документтерди кабыл алуудан баш тартууда көрүнүшү мүмкүн. Мындай аракеттер жарандардын жана уюмдардын экологиялык укуктарын ишке ашырууну чектөөгө алып келиши мүмкүн.

Маалыматтардын принципалдарынын жана жеке маалымат субъекттеринин укуктарын бузуу (КР УБжКнын 228-3-беренеси) экологиялык мониторинг жана эсепке алуу системаларында колдонулуучу санариптик маалыматтарды иштетүүдө өзгөчө мааниге ээ. Маалыматтарды бурмалоо, өз убагында оңдобоо же өчүрүүдөн баш тартуу укук мамилелеринин катышуучуларынын укуктарына жана мыйзамдуу кызыкчылыктарына терс таасирин тийгизиши мүмкүн.

Санариптик укуктарды жана идентификация системаларынын катышуучуларынын укуктарын бузуу (КР УБжКнын 228-4 жана 228-5-беренелери) айлана-чөйрөнү коргоо чөйрөсүндө колдонулуучу санариптик экологиялык сервистерге, мамлекеттик платформаларга жана реестрлерге мыйзамдуу жетүүгө тоскоолдук жаратышы мүмкүн.

Санариптик талаштарды кароо тартибин жана мамлекеттик санариптик реестрлерди жүргүзүүнү бузуу (КР УБжКнын 228-7 жана 228-8-беренелери) экологиялык мааниге ээ маалыматтардын аныктыгын камсыз кылууда жана кызыкдар жактардын укуктарын өз убагында коргоодо маанилүү болуп саналат.

Санариптик чөйрөдөгү ак ниетсиз аракеттер (КР УБжКнын 228-6-беренеси), анын ичинде экологиялык чөйрөдө колдонулуучу санариптик сервистерди көрсөтүүдө, экологиялык мааниге ээ процесстердин туруктуу иштешине жана санариптик инфраструктурага тобокелдиктерди жаратышы мүмкүн.

Белгилей кетүүчү жагдай, талданып жаткан мезгил ичинде мындай укук бузуулар боюнча ыйгарым укуктуу органдардын аракеттерине карата сотторго даттануулар келип түшкөн эмес. Ошентип, экологиялык чөйрөдө КР УБжКнын 26-1-главасын колдонуу боюнча соттук практика калыптана элек.

**Атмосфераны, жерди, жер казынасын, сууларды жана башка жаратылыш ресурстарын коргоо чөйрөсүндөгү башкаруу тартибине каршы укук бузуулар (27-глава, 229–252-беренелер)**

Бул глава айлана-чөйрөнү коргоонун жана жаратылыш ресурстарын сарамжалдуу пайдалануунун негизги принциптерин жөнгө салат жана экологиялык зыян келтириши мүмкүн болгон аракеттердин алдын алууга багытталган. Аларга атмосферанын, суулардын, топурактын булганышы, токойлордун жана жерлердин бузулушу, жер казынасын мыйзамсыз пайдалануу жана жаратылышты пайдалануу режимдерин бузуу кирет.

КР УБжКнын 27-главасында каралган укук бузуулар өзүнүн укуктук табияты боюнча коомдук-укуктук мүнөздөгү экологиялык укук бузууларга кирет жана КР УБжКда белгиленген тартипте жоопкерчиликке алып келет.

Укук бузуунун объектиси болуп жаратылыш ресурсу материалдык баалуулук катары эмес, аны пайдалануунун жана коргоонун экологиялык жана жаратылыш ресурстары жөнүндө мыйзамдар менен белгиленген укуктук режими саналат.

Жоопкерчиликке тартуу үчүн айлана-чөйрөгө реалдуу зыян келтирилгенине карабастан, белгиленген талаптарды, ченемдерди же уруксат берүү тартибин бузуу фактысын аныктоо жетиштүү болуп саналат.

Атмосфералык абаны коргоо чөйрөсүндөгү укук бузуулар атмосфералык абанын сапатына түздөн-түз таасир этүүчү технологиялык жана чарбалык процесстерди жөнгө салат, алар калктын ден соолугуна жана айлана-чөйрөгө, анын ичинде өнөр жай объекттери жана транспорттук инфраструктура жайгашкан райондордо терс таасирлерди болтурбоого багытталган. Укук бузуулардын бул тобуна уруксат берүүчү катуу режим, юридикалык жактар үчүн айыптардын жогорулатылган өлчөмү, ошондой эле санитардык жана экологиялык ченемдер менен тыгыз байланыш мүнөздүү.

Мындай укук бузуулар белгиленген ченемдерден ашып кетүү же чыгаруулар тартибин бузуу фактысы аныкталган учурдан тартып, анын узактыгына карабастан аяктаган деп эсептелет.

**Жерлерди пайдалануу жана коргоо (жер укук бузуулары жана рекультивация) (235–242-беренелер)** топурактын түшүмдүүлүгүн сактоого, жерлердин деградациясын, эрозиялык процесстерди жана токой экосистемаларынын бузулушун алдын алууга багытталган. Мындай бузуулар узак мөөнөттүү терс кесепеттерге - жердин түшүмдүүлүгүнүн төмөндөшүнө, биоартүрдүүлүктүн азайышына жана экологиялык тең салмактуулуктун бузулушуна алып келиши мүмкүн.

Өзгөчөлүктөрү: топурактын түшүмдүүлүгүн коргоо, жер амнистиясына кирбеген объекттерди четтетүү, рекультивацияга өзгөчө көңүл буруу.

КР УБжКнын 237, 239, 239-1-беренелери боюнча даттанууларды кароодо жер амнистиясына шилтемелер текшерилүүгө тийиш, амнистиядан чыгарылган учурлар катуу колдонулат, ал эми рекультивация талаптарын аткарбоо өз алдынча укук бузуунун курамын түзөт.

Анча олуттуу эмес зыян менен беренеге карата эскертүүдө көрсөтүлгөн чектен ашкан зыянды айырмалоо зарыл, анткени белгиленген босого маанилерден ашып кетүү кылмыштын белгилеринин бар-жогун аныктоо маселесин кароону талап кылат.

**Суу ресурстарын коргоо жана сарамжалдуу пайдалануу (236–250-бер.).** Суу ресурстарын коргоону жана пайдаланууну жөнгө салат, суу тартыштыгынын жана булгануунун алдын алууга, сугат системаларын контролдоого жана сууну сарамжалдуу бөлүштүрүүгө багытталган. Бузуулар суу экосистемаларынын деградациясына, суунун сапатынын начарлашына жана айыл чарба өндүрүшүнүн туруктуулугунун төмөндөшүнө алып келиши мүмкүн.

Бул ченемдин өзгөчөлүктөрү болуп көп баскычтуу контролдоо, сууну пайдалануунун лимиттеринен ашып кеткендиги үчүн жоопкерчилик, сууну уруксатсыз алуу, ошондой эле сууну коргоо зоналарын сактоо саналат.

**Жер казынасын жана жаратылыш ресурстарын пайдалануу (243–245-3-бер.)** жер казынасынын түгөнүшүн жана деградациясын алдын алууга, кырсыктык тобокелдиктерди азайтууга жана ресурстарды туруктуу пайдаланууга багытталган. Бул укук бузуулар пайдалуу кендерди казып алуу тартибин жөнгө салат, экосистемаларга мыйзамсыз кийлигишүүнүн алдын алат жана экологиялык маалыматты коргойт.

Мүнөздүү белгилери: жогорку коомдук кооптуулук, күчөтүлгөн жоопкерчилик, лицензиялоо милдеттүүлүгү жана жер казынасын пайдалануунун атайын шарттарын сактоо.

Лицензиянын болушу жер казынасын пайдалануучуну жер казынасын пайдалануунун атайын шарттарын сактоодон бошотпойт.

**Экологиялык маалыматты контролдоо (245-1-берене)** айлана-чөйрөнүн абалы жөнүндө ишенимдүү маалымат менен камсыз кылууга багытталган, бул мамлекеттик контролду жүзөгө ашыруу жана башкаруучулук чечимдерди кабыл алуу үчүн зарыл.

Бузуулар экологиялык коркунучтарга жооп кайтаруунун жоктугуна, мониторингдин начарлашына жана калк менен экосистемалар үчүн тобокелдиктердин жогорулашына алып келиши мүмкүн.

**Жайыттарды жана чөп чабындыларды коргоо (251–252-бер.).** Бул беренелер жайыттарды жана чөп чабындыларды коргоону, мал чарбасынын тоют базасын жана экологиялык тең салмактуулукту сактоону, жерлердин бузулушун алдын алууну жана жайыттарды башкаруу пландарынын бузулушун камсыз кылат.

Жалпысынан көрсөтүлгөн ченемдер экосистемаларды коргоону жана ресурстарды сарамжалдуу пайдаланууну камсыз кылат, булгануу жана деградация тобокелдиктерин төмөндөтөт, экологиялык жактан маанилүү чөйрөлөрдөгү чарбалык ишти жөнгө салат жана жеке жана юридикалык жактар үчүн ири айыптарды кошкондо жаратылышты коргоо мыйзамдарын бузгандыгы үчүн жоопкерчиликти түзөт, бул экологиялык коопсуздуктун маанилүүлүгүн белгилейт.

Кол салуунун объектиси жаратылыш ресурсу эмес, аны пайдалануу чөйрөсүндө башкаруу жана контролдоо тартиби болуп саналат, анткени КР УБжКнын 27-главасында көрсөтүлгөн укук бузуулар өзүнүн юридикалык табияты боюнча административдик-экологиялык жана башкаруучулук болуп саналат, анткени алар жаратылышты пайдаланууну жөнгө салуунун мамлекет тарабынан белгиленген тартибине кол салышат.

Объективдүү жагы аракет же аракетсиздик түрүндө көрүнөт:

- чыгаруулар жана таштоолор боюнча белгиленген ченемдерди бузуу;

- техниканы жол берилген булгануудан ашык пайдалануу;

- жаратылыш ресурстарын уруксатсыз пайдалануу;

- жаратылышты пайдалануу лимиттерин ашыруу;

- жерлерди рекультивациялоо талаптарын сактабоо;

- экологиялык маалыматты бурмалоо же жашыруу.

27-главанын укук бузуу субъекттери болуп жаратылышты пайдалануунун белгиленген тартибин бузган конкреттүү аракеттерди (аракетсиздикти) жасагандыгы далилденген жеке жактар (жарандар, жерди пайдалануучулар, сууну пайдалануучулар) жана конкреттүү кызматкерлерди жоопкерчиликке тартууга карабастан чарбалык ишти жүргүзүү процессинде укук бузуу фактысын аныктаган юридикалык жактар (ишканалар, уюмдар, чарбакер субъекттер) саналат.

Юридикалык жакта тикелей ниеттин жоктугу, эгерде милдеттүү экологиялык талаптар талаптагыдай сакталбагандыгы аныкталса, жоопкерчиликти жокко чыгарбайт.

Субъективдүү жагы күнөөнүн кара ниеттик же этиятсыздык түрүндө көрүнүшү менен мүнөздөлөт. Кылмыштын себептери жана максаттары квалификация үчүн мааниге ээ эмес, кайталанган учурлардан тышкары (КР УБжКнын 240-бер., 4-б.).

Бул категориядагы иштер боюнча ыйгарым укуктуу органдардын токтомдоруна даттанууларды кароодо соттор тарабынан ыйгарым укуктуу органдардын текшерүү актылары, ченөө жана ченөө протоколдору, уруксаттардын, лицензиялардын, лимиттердин бар же жок экендиги жөнүндө маалыматтар, долбоордук жана техникалык документтер, адистердин жана ыйгарым укуктуу органдардын корутундулары жыйындысында бааланат.

Белгиленген тартипти бузуу менен алынган далилдер, ошондой эле мыйзамдын кайсы ченемдери бузулгандыгы көрсөтүлбөгөн материалдар сын көз менен баалланууга тийиш.

Айып пул дайындоодо белгиленген тартипти бузуунун мүнөзү жана даражасы, укук бузуунун кайталангандыгы же кайталанбагандыгы, ошондой эле укук бузуучу тарабынан аныкталган бузууларды жоюу боюнча чаралардын көрүлгөндүгү эске алынат.

**Өсүмдүктөр жана жаныбарлар дүйнөсүн коргоо чөйрөсүндөгү башкаруу тартибине каршы укук бузуулар (28-глава, 253–270-беренелер).**

28-глава жаратылышты пайдалануунун белгиленген эрежелерин бузган мыйзамсыз аракеттерди жөнгө салат (өсүмдүктөрдү мыйзамсыз өрттөө, түрлөрдү интродукциялоо/акклиматташтыруу эрежелерин бузуу, ошондой эле зоологиялык коллекциялардын жүгүртүү эрежелерин бузуу).

Бул главанын тектеш объектиси болуп жаныбарлар жана өсүмдүктөр дүйнөсүнүн объекттерин, токой жана суу биологиялык ресурстарын коргоо, пайдалануу жана кайра өндүрүү чөйрөсүндөгү мамлекеттик башкаруу тартиби эсептелет.

Түздөн-түз объектиси болуп мыйзамдар менен белгиленген төмөнкү эрежелер саналат:

- өрт коопсуздугу, экосистемалардын деградациясын алдын алуу (253, 256-беренелер);

- биологиялык тең салмактуулук, жашоо чөйрөсү, генетикалык фонд (254, 257-беренелер);

- токой фонду жана токой экосистемаларынын туруктуулугу (258-260-беренелер);

- жаныбарлар дүйнөсүн коргоо, балык уулоо, браконьерликке каршы күрөш (261-268-беренелер);

- өзгөчө корголуучу түрлөрдүн жүгүртүү режими (262-берене);

- суу объекттерин экологиялык жактан коопсуз пайдалануу (269-берене);

- ветеринардык коопсуздук жана биологиялык коргоо (270-берене).

КР УБжКнын 28-главасында каралган укук бузуулардын көпчүлүгүнүн объективдүү тарабы формалдуу мүнөзгө ээ, башкача айтканда жоопкерчилик зыяндын келип чыгышына карабастан эрежелерди бузуу фактысынын өзү үчүн келип чыгат. Ошону менен бирге айрым курамдар материалдык мүнөздө болуп саналат, анда квалификациялоо үчүн белгилүү бир кесепеттердин келип чыккандыгын далилдөө талап кылынат, мисалы, 261-берене боюнча олуттуу эмес зыян келтирүү жана 265-берене боюнча зыяндуу организмдердин таралышы.

Субъект болуп КР УБжКда жоопкерчиликке тартуу үчүн белгиленген жашка жеткен жеке жактар эсептелет, ошондой эле юридикалык жактар (254, 257, 258–260, 262, 264, 268, 269, 270-беренелер), чарбалык иш жүргүзгөн адамдар, аңчылар, балыкчылар, суу топтоо курулмаларынын ээлери жана ветеринардык иш жүргүзгөн субъекттер саналат.

Көрсөтүлгөн укук бузуулардын субъективдүү тарабы күнөөнүн кара ниеттик же этиятсыздык түрүндө болушу менен мүнөздөлөт, эгерде конкреттүү ченемдин мазмунунан башкача түздөн-түз келип чыкпаса.

**Өсүмдүктөрдү өрттөө тартибин бузуу (253-берене)** – объектиси болуп өрттөрдүн алдын алуу жана экосистемаларды коргоо боюнча белгиленген тартип саналат, ал эми объективдүү тарабы - өсүмдүктөрдү өрттөө боюнча бекитилген эрежелерди бузуу (өз алдынча өрт коюу, уруксаттын жоктугу, белгиленген мөөнөттөрдү сактабагандыгы, коопсуздук чараларынын көрүлбөгөндүгү).

Даттанууну кароодо өсүмдүктөрдү өрттөө тартибин жөнгө салган ченемдик актынын бар экендигин, конкреттүү талаптын бузулгандыгын жана адамдын тиешелүү жер тилкеси менен байланыштуулугун аныктоо зарыл. Ошондой эле кайсы конкреттүү ченем бузулгандыгы көрсөтүлгөнбү жана өрт өзүнөн-өзү тутанганбы, үчүнчү жактардын аракеттеринен улам келип чыкканбы же көзөмөлдөн чыккан өрт болгонбу - ушул жагдайлар текшерилүүгө тийиш.

Өсүмдүктөрдү өрттөө тартибин бузууга төмөнкүлөр кирет: уруксаттын жоктугу, өрт кооптуу мезгилде өрттөө, айланасын айдоо (опашка) жана өрттөн коргоочу тилкенин жоктугу, нөөмөтчүлүктүн жана өчүрүү каражаттарынын жоктугу, шамалдуу аба ырайында өрттөө, тыюу салынган аймактарда (токойго, калктуу конуштарга жакын ж.б.) өрттөө.

Ыйгарым укуктуу органдын токтомунда сөзсүз түрдө кайсы конкреттүү ченем бузулгандыгы көрсөтүлүүгө тийиш.

**Өсүмдүктөрдүн жапайы түрлөрүнө интродукция жана акклиматташтыруу жүргүзүү тартибин бузуу (КР УБжКнын 254-бер.).**

Укук бузуунун объектиси болуп биологиялык коопсуздук жана табигый экосистемаларды сактоо саналат. Объективдүү тарабы өсүмдүктөрдүн жапайы түрлөрүн тиешелүү уруксатсыз же илимий негиздемени бузуу менен алып келүү, отургузуу же көбөйтүү тартибин бузууда көрүнөт. Иш-чараларды мыйзамдуу жүргүзүү үчүн милдеттүү түрдө компетенттүү орган - экологиялык же илимий орган тарабынан берилген корутунду талап кылынат.

Ыйгарым укуктуу органдын токтомуна карата даттанууну кароодо төмөнкүлөрдү аныктоо зарыл: өсүмдүк жапайы түргө таандыкпы жана жүргүзүлүп жаткан иш-аракет үчүн атайын уруксат талап кылынабы.

Иш-аракет «Балык чарба суу объекттеринде жана балык уулоо участкаларында балыктарды акклиматташтыруу, кое берүү, эсепке алуу, жайылтуу жана балык запастарын толуктоо боюнча иштерди жүргүзүү тартиби» менен жөнгө салынат (Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2025-жылдын 19-декабрындагы №005/2-17/343 буйругу менен бекитилген).

**Зоологиялык жана ботаникалык коллекцияларды түзүү жана жүгүртүү эрежелерин бузуу (255-берене)** - биологиялык объекттердин жүгүртүлүшүнө көзөмөл жүргүзүүнү камсыз кылат.

Зоологиялык же ботаникалык коллекцияларды эсепке албастан же тиешелүү уруксатсыз түзүү же жүгүртүү укук бузуунун объективдүү тарабы болуп саналат. Мында коллекциянын бар экендиги, бузулган конкреттүү ченем көрсөтүлгөндүгү, объекттердин коллекцияга таандыктыгы жана алардын биологиялык статусу боюнча эксперттик корутундунун болушу милдеттүү түрдө далилденүүгө тийиш. Ошондой эле кароо жана алып коюу жөнүндө протоколдун бар экендиги, алып коюунун мыйзамдуулугу, фотофиксациянын жүргүзүлгөндүгү текшерилет. Объекттерди жүгүртүү (берүү, сатуу, алып чыгуу) боюнча далилдердин жоктугу же процессуалдык бузуулар да бааланууга тийиш.

**Токойлордо өрт коопсуздугу эрежелерин бузуу (256-берене)** - бул укук бузуунун объектиси болуп токой фонду жана өрт коопсуздугу саналат. Даттанууну кароодо конкреттүү өрт коопсуздугу талаптарынын бузулгандыгынын фактысын аныктоо жана күнөөнүн бар-жогун текшерүү зарыл. Өрттүн келип чыккандыгын, зыяндуу кесепеттердин болуусун же материалдык зыяндын келтирилгендигин далилдөө талап кылынбайт.

Ошону менен бирге ыйгарым укуктуу органдын токтомунда кайсы конкреттүү эреженин кайсы пункту бузулгандыгы көрсөтүлгөнбү, өзгөчө өрт коопсуздугу режими колдонулганбы, жосун жасалган жер токой фондунун аймагына киреби жана от жагуу фактысы далилденгенби - ушул жагдайлар.

**Жаныбарлардын жашоо чөйрөсүн коргоо боюнча талаптарды бузуу (257-бер.).**

Бул берене жаныбарлардын жашоо чөйрөсүн, алардын көбөйүшүн, миграциясын коргоого байланышкан талаптарды бузгандыгы үчүн, ошондой эле жаныбарларды жер которуштуруу жана алардын кырылышын алдын алуу эрежелерин бузгандыгы үчүн жоопкерчиликти карайт.

Даттанууну кароодо жашоо чөйрөсүнүн бузулгандыгы же шарттарынын начарлагандыгы фактысын эксперттик жол менен тастыктоо зарыл.

1-б. боюнча жаныбарлардын жашоо чөйрөсүн, көбөйүү шарттарын жана миграция жолдорун коргоо талаптарын бузуу. Бузууларга уя салуучу жерлерди жок кылуу, ийиндерди, жатак жайларды бузуу, миграциялык коридорлорду бөгөттөө, экологиялык талаптарды эске албастан чарбалык иш жүргүзүү, жаныбарлар дүйнөсүнө тийгизген таасирди баалабастан курулуш жүргүзүү кирет.

2-б. боюнча квалификациялоочу белги болуп Кызыл китепке киргизилген же эл аралык келишимдер менен корголгон түрлөр саналат. Түрдүн укуктук статусун жана конкреттүү ченемдик актыга (Кызыл китепке, эл аралык келишимге) шилтемени текшерүү маанилүү. Белгилүү бир түр эл аралык коргоого алынганын же Кызыл китепке киргизилгенин, ошондой эле бузуу дал ушул түргө тиешелүү экенин далилдөө талап кылынат.

3-б. боюнча «Жаныбарларды жер которуштуруу, акклиматташтыруу же аргындаштыруу, генетикалык жактан өзгөртүлгөн организмдерди чыгаруу же пайдалануу тартибин бузуу» үчүн уруксаттын жоктугу тастыкталууга тийиш. Жер которуштуруу, акклиматташтыруу, аргындаштыруу, генетикалык жактан өзгөртүлгөн организмдерди чыгаруу же пайдалануу тартибинин бузулгандыгы далилденүүгө тийиш.

Милдеттүү түрдө конкреттүү тартипке (уруксаттарга, макулдашууларга, экспертизаларга) шилтеме болушу керек.

4-б. боюнча квалификациялоочу белги болуп жаныбарлардын кырылышын алдын алуу боюнча чаралардын көрүлбөгөндүгү саналат. Жапайы жаныбарлардын кырылышын алдын алуу, алардын жашоо чөйрөсүнүн начарлашына жол бербөө же жаныбарлар дүйнөсүнө тийгизилген терс таасирди жоюу боюнча чараларды көрүү милдетинин бар экендигин аныктоо маанилүү. Жапайы жаныбарлардын кырылышын алдын алуу эрежелеринин бузулгандыгы (мисалы, электр берүү линияларында коргоочу түзүлүштөрдүн жоктугу), алардын жашоо чөйрөсүнүн начарлашын алдын алуу (мисалы, курулуш жүргүзүүдө экологиялык талаптарды сактабагандыгы) жана терс таасирлерди жоюу (берилген көрсөтмөлөрдү аткарбоо) боюнча бузуулар далилденүүгө тийиш.

**Токойлорду калыбына келтирүү же жакшыртуу эрежелерин бузуу (258-бер.)**

Объекти болуп токойлорду калыбына келтирүү тартиби саналат. Даттанууну кароодо токойлорду калыбына келтирүү жана жакшыртуу боюнча милдеттенмелердин бар экендигин, ошондой эле конкреттүү иш-чаралардын аткарылбагандыгын тастыктаган далилдерди аныктоо зарыл. Токойлорду калыбына келтирүү (токой калыбына келтирүү иш-чаралары, көчөт отургузуу), токой көчөттөрүн кароо, породалык курамын жакшыртуу, токойдун өндүрүмдүүлүгүн жогорулатуу боюнча иш-чараларды жүргүзүү, ошондой эле белгиленген регламенттерди бузуу менен токой ресурстарын пайдалануу эрежелеринин бузулгандыгын далилдеген фактылар болушу керек.

**Токой үчүн пайдалуу фаунаны жок кылуу (259-бер.)**

Милдеттүү белгилеринин бири - жок кылуу фактысынын болушу. Фаунанын түрүн аныктоо, анын токой үчүн пайдалуу экендигин тастыктоо жана адамдын аракеттери менен анын жок болушунун ортосундагы себептик байланыш белгилениши зарыл. Изилдөөгө төмөнкүлөр жатат: түрдүн баалуулугу жөнүндө эксперттик корутундунун болушу, жок кылынган объекттердин токой үчүн пайдалуу фаунага таандык экендигин ырастаган биологиялык жана экологиялык корутундулар, ошондой эле тиешелүү ишмердүүлүккө лицензиялар.

**Токойду калыбына келтирүү эрежелерин бузуу (260-бер.).**

Бул берене токой ресурстарын сактоого, экологиялык тең салмактуулукту колдоого жана токойлордун деградациясынын алдын алууга багытталган, анткени токойду калыбына келтирүү эрежелеринин бузулушу түздөн-түз экосистемалардын бузулушуна байланыштуу. Укук бузууну далилдеген далилдер болуп төмөнкүлөр саналат: текшерүү актылары, фото жана видео материалдар, токойду калыбына келтирүү боюнча экспертизанын корутундулары. Жоопкерчиликке тартуу үчүн токойду калыбына келтирүү эрежелеринин бузулгандыгынын өзү жетиштүү болуп саналат.

Укук бузууларга төмөнкүлөр кириши мүмкүн: бекитилген токойду калыбына келтирүү эрежелерин сактабоо; токой чарбасын туура эмес жүргүзүү; көчөт отургузуу же токойду кароо пландарын бузуу; породалык курамды сактоо жана токойдун өндүрүмдүүлүгүн жогорулатуу боюнча талаптарды бузуу.

**16. Жаныбарлар дүйнөсүнүн объекттерин мыйзамсыз аңчылык кылуу же кармоо (261-бер.).**

Укук бузуу мыйзамсыз кармоо, аңчылык кылуу же жаныбарлар дүйнөсүнүн объекттерин алуу менен байланыштуу болуп, бул жаныбарлардын түрлөрүнүн сакталышына жана экосистемага коркунуч жаратат. Объекттерге жаныбарлар жана суу биоресурстары, анын ичинде балыктар кирет. Өзгөчө коргоо урук таштоочу жерлерге жана миграциялык жолдорго жайылтылат, анткени бул мезгилдерде популяциялар өзгөчө аялуу абалда болот. Берененин максаты - жаныбарлардын популяциясын сактоо жана экологиялык тең салмактуулукту камсыз кылуу.

Субъектилер болуп мыйзамсыз түрдө аңчылык же балык уулоо жүргүзгөн жеке жактар эсептелет.

Бузуулар аңчылык көзөмөл органдарынын текшерүүлөрү, балык коргоо кызматтарынын текшерүүлөрү, ошондой эле фото жана видео далилдер аркылуу катталары эске алынышы маанилүү.

Ыйгарым укуктуу органдын токтомуна карата даттанууну кароодо келтирилген зыяндын фактысын, кармоо же аңчылык жүргүзүлгөн жерди жана мезгилди, ошондой эле уруксаттардын жана лицензиялардын сакталгандыгын аныктоо зарыл.

Текшерүүгө төмөнкүлөр жатат: аңчылык же кармоо уруксатсыз жүргүзүлгөнбү, белгиленген лимиттен ашуу болгонбу, түрлөр, мезгилдер же жерлер боюнча тыюу салуулар бузулганбы, жаныбарлар дүйнөсүнүн объекттерине зыян келтирилгенби.

Ошондой эле мыйзамсыз аңчылык кылуу же кармоо фактысы, келтирилген зыяндын өлчөмү, урук таштоочу жерлерде же миграциялык жолдордо кармоо фактылары, адамдын катыштыгы жана анын күнөөсүнүн далилдениши аныкталууга тийиш.

**Мыйзамсыз алынган жаныбарлар дүйнөсүнүн объекттерин алып чыгуу, ташуу, сактоо жана сатуу (262-бер.).**

Бул берене жаныбарлар дүйнөсүнүн мыйзамсыз алынган объекттерин жүгүртүү менен байланышкан аракеттер үчүн жоопкерчиликти белгилейт, анын ичинде жаныбарлар, балыктар, ошондой эле алардан алынган продукциялар жана буюмдар камтылат. Ченем өзгөчө сейрек кездешүүчү жана коргоого алынган түрлөргө басым жасайт, анын ичинде Кыргыз Республикасынын Кызыл китебине киргизилген же эл аралык келишимдер (мисалы, CITES) менен корголгон түрлөр.

Жоопкерчиликтин максаты - биологиялык ар түрдүүлүктү коргоо, браконьерликти коммерциялаштырууга бөгөт коюу жана өзгөчө баалуу жана аялуу түрлөрдүн мыйзамсыз жүгүртүлүшүн алдын алуу болуп саналат.

Кол салуунун объекти болуп төмөнкүлөр саналат:

- эл аралык келишимдер менен корголгон жаныбарлар жана суу биоресурстары;

- Кыргыз Республикасынын Кызыл китебине киргизилген түрлөр;

- жаныбарлардан алынган продукциялар жана алардын бөлүктөрү (сөөктөр, мүйүздөр, тиштер);

- терилер жана мех буюмдары;

- балык продукциясы жана икра.

Даттанууну кароодо сот укук бузуу фактысын, объекттин мыйзамсыз келип чыгышын жана көзөмөлдөөчү орган тарабынан жол-жоболордун сакталгандыгын тастыктаган далилдерди ар тараптуу, толук жана объективдүү изилдөөнү камсыз кылууга милдеттүү.

Милдеттүү түрдө төмөнкү далилдер текшерилет: текшерүү жүргүзүүгө мыйзамдуу негиздер болгонбу, аны өткөрүү тартиби сакталганбы, кызмат адамдары тиешелүү ыйгарым укуктарга ээ болгонбу, жоопкерчиликке тартылып жаткан адам катышканбы, процессуалдык документтердин көчүрмөлөрү тапшырылганбы.

Алып коюу жөнүндө акт негизги далил болуп саналат. Документ туура таризделгенби, алынган объекттердин так аталышы, саны, салмагы, абалы, алынган жери жана убактысы көрсөтүлгөнбү, күбөлөрдүн кол тамгалары барбы (зарыл болгон учурда), жоопкерчиликке тартылып жаткан адамга анын укуктары түшүндүрүлгөнбү - ушуларды аныктоо маанилүү.

Экспертизанын корутундусу төмөнкү учурларда милдеттүү болуп саналат: түрү боюнча күмөн жаралса, продукция кайра иштетилген болсо (филе, икра, мех буюмдары ж.б.), «өзгөчө баалуу» деген квалификациялык белги колдонулса, объекттин келип чыгышы боюнча так документтер жок болсо.

Фото жана видео материалдар далил катары изилденгенде алардын чыныгы экендиги, тартылган күнү жана убактысы, монтаждын жоктугу, адамдын жана жердин идентификациясы, окуянын үзгүлтүксүз катталышы бааланууга тийиш.

Товардык коштоочу документтерди изилдөөдө өзгөчө мааниге төмөнкүлөр ээ: алуу уруксаттары, лицензиялар, жолдомолор, келип чыгышы тууралуу сертификаттар, накладнойлор жана транспорттук документтер, ветеринардык маалымкаттар.

Документтердин жоктугу жоопкерчиликке тартууга негиз болуп саналат. Бирок, эгер документтер бар болуп, ыйгарым укуктуу орган тарабынан талап кылынбаса, бул олуттуу процессуалдык бузуу катары бааланып, жоопкерчиликке тартуу жөнүндө токтомду жокко чыгарууга жана өндүрүштү кыскартууга алып келет.

Ошондой эле даттанууну кароодо төмөнкүлөр аныкталууга тийиш: объекттин мыйзамсыз келип чыгышы далилденгенби, келтирилген зыяндын өлчөмү белгиленгенби, түр Кызыл китепке же өзгөчө баалуу түрлөргө таандыкпы, жоопкерчиликти жокко чыгаруучу жагдайлар болгонбу, жоопкерчиликке тартуу мөөнөттөрү сакталганбы.

**Аң уулоо эрежелерин бузуу (263-бер.)**

Бул берене аң уулоо белгиленген эрежелерди бузуу менен жүргүзүлгөн, бирок кыйла катуу жоопкерчиликти караган ченемдерде белгиленген укук бузуунун курамынын белгилери жок болгон учурларды камтыйт.

261-беренеде каралган «Жаныбарлар дүйнөсүнүн объекттерин мыйзамсыз аңчылык кылуу же кармоо» курамынан айырмасы - зыян келтирүүнүн жоктугунда.

Жоопкерчилик аң уулоону жүргүзүүнүн белгиленген тартибин бузгандыгы үчүн каралат.

Ченем аңчылык ресурстарын пайдалануунун регламенттелген режимин сактоону камсыз кылууга багытталган.

Даттанууну кароодо эрежелердин конкреттүү бузулушу, аң уулоо фактысынын далилдениши жана жоопкерчиликке тартуунун процессуалдык тартибинин сакталгандыгы аныкталууга тийиш.

**Жапайы өсүмдүктөрдүн жүгүртүү тартибин бузуу (264-бер.)**

Даттанууну кароодо чийки заттын жапайы өсүүчү өсүмдүктөргө таандык экендигин, ошондой эле уруксаттын же лицензиянын жоктугун аныктоо талап кылынат.

Сот тарабынан төмөнкү далилдер изилденүүгө тийиш: сатып алуу келишимдери, товардык накладнойлор, кабыл алуу-өткөрүп берүү актылары, лицензиялар жана уруксаттар, жыйноо квоталары, келип чыгышы тууралуу сертификаттар, бухгалтердик документтер, кароо протоколу, фото жана видео материалдар, продукцияны алып коюу жөнүндө акт.

Ошондой эле чийки заттын жапайы өсүмдүктөргө таандык экендигин, өсүмдүктүн түрүн, көлөмүн, дарылык же техникалык пайдаланууга жарамдуулугун тастыктаган эксперттик корутунду талап кылынат.

Ыйгарым укуктуу органдардын токтомдору чийки зат өстүрүлүүчү эмес, жапайы өстүрүлүүчү экендиги, сактоо эмес, сатып алуу фактысынын далилдеринин жоктугунан, алып коюунун талаптагыдай тариздeлбегендигинен, көлөмдүн далилдеринин жоктугунан, экспертиза өткөрбөгөндүгүнөн улам жокко чыгарылышы мүмкүн.

**Өсүмдүктөрдү өстүрүү технологиясын бузуу (265-бер.).**

Даттанууну кароодо агрономиялык экспертизанын корутундусу изилденип, себептик байланыштын далилдениши камсыз кылынууга тийиш. Зыяндуу организмдердин таралуу фактысы милдеттүү белги болуп саналат.

Өсүмдүктөрдү өстүрүү технологиясын бузууга төмөнкүлөр кириши мүмкүн: айланма айдоо (севооборот) эрежелерин сактабоо, зыянкечтерге каршы өз убагында иштетпөө, жугуштуу (инфекцияланган) отургузуу материалдарын колдонуу, агротехникалык мөөнөттөрдү сактабоо, фитосанитардык иш-чараларды жүргүзбөө, карантиндик талаптарды эске албоо.

Эгерде текшерүү (кароо) актысы, лабораториялык корутунду, жугуштун пайда болуу убактысы аныкталбаса жана технологиянын бузулгандыгын эксперттик жактан тастыктоо жок болсо, анда токтом укук бузуунун курамы далилденбегендигине байланыштуу жокко чыгарылууга тийиш.

**Балык уулоо чөйрөсүндөгү укук бузуулар (266-268-бер.).**

КР УБжКнын 266-268-беренелери суу биоресурстарын коргоого багытталган жана төмөнкү аракеттер үчүн жоопкерчиликти карайт:

- балык уулоо тартибин бузуу;

- экологиялык жактан кооптуу ыкмаларды колдонуу;

- тыюу салынган техникалык каражаттарды жүгүртүү.

Аталган ченемдер төмөнкү максаттарды көздөйт:

- суу биоресурстарын коргоо;

- балык запастарын сарамжалдуу пайдаланууну камсыз кылуу;

- браконьерликтин алдын алуу;

- тыюу салынган кармоо каражаттарынын мыйзамсыз жүгүртүлүшүнө бөгөт коюу.

Бул категориядагы иштер боюнча даттанууну кароодо сот төмөнкүлөрдү текшерүүгө тийиш: текшерүүнүн мыйзамдуулугу, кызмат адамдарынын ыйгарым укуктарынын болушу, протокол түзүү талаптарынын сакталуусу, кармоо каражаттарын алып коюу жагдайлары, ошондой эле фото жана видео материалдарды, кармоо каражаттарынын техникалык мүнөздөмөлөрүн баалоо жана адамда тиешелүү лицензиялар менен уруксаттардын бар экендиги.

Олуттуу процессуалдык бузулуулар (колдонуу фактысынын катталбашы, талапка ылайык эмес алып коюу, тыюу салынгандыгы боюнча далилдердин жоктугу) далилдерди жол берилгис деп табууга жана өндүрүштү кыскартууга алып келет.

**Суу алуучу курулмаларды эксплуатациялоо тартибин бузуу (269-бер.).**

Бул берене бланкеттик мүнөзгө ээ, анткени укук бузуунун курамын аныктоо үчүн суу мыйзамдарынын ченемдерине, техникалык регламенттерге, гидротехникалык курулмаларды эксплуатациялоо эрежелерине жана уруксат берүүчү документтердин шарттарына кайрылуу талап кылынат.

Жоопкерчиликке тартуу үчүн кайсы конкреттүү эксплуатациялык ченемдер бузулгандыгын так көрсөтүү зарыл.

Даттанууну кароодо төмөнкү жагдайлар изилденүүгө тийиш:

- адамдын суу пайдалануучу статусунун болушу;

- уруксат берүүчү документтердин (лицензиялардын, суу пайдалануу келишимдеринин) бар экендиги;

- суу алуунун лимиттеринин сакталуусу жана кайсы конкреттүү талаптар бузулгандыгы;

- суу алуучу курулманын эксплуатациялангандыгынын фактысы;

- ыйгарым укуктуу орган тарабынан түзүлгөн протоколдун бар экендиги;

- жоопкерчиликке тартуу жол-жобосунун сакталуусу.

Ыйгарым укуктуу органдын жаза колдонуу жөнүндө токтомдорун жокко чыгарууга төмөнкү жагдайлар негиз болуп саналат: эксплуатациялоо фактысынын далилденбегендиги; далилдер базасынын жетишсиздиги (анын ичинде текшерүү

актыларынын, эксперттик корутундулардын жоктугу); протоколдо укук бузуунун курамынын толук эмес сүрөттөлүшү; бузулган конкреттүү ченемдерге шилтеменин жоктугу; жоопкерчиликке тартуу мөөнөттөрүнүн бузулушу; жосунду туура эмес квалификациялоо, башкача айтканда, аны экологиялык укук бузуулар менен (мисалы, сууну булгантуу) аралаштырып жиберүү.

**Ветеринардык дары каражаттарын жана тоют кошулмаларын жүгүртүүнүн, сатуунун жана колдонуунун тартибин бузуу (270-бер.).**

Бул берене бланкеттик мүнөзгө ээ болуп, ветеринария жөнүндө мыйзамдардын ченемдерине, “Кыргыз Республикасынын аймагында ветеринардык дары каражаттарынын жүгүртүүнү жөнгө салуу маселелери жөнүндө” Министрлер Кабинетинин токтомуна, санитардык жана ветеринардык эрежелерге, ошондой эле ветеринария чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу органдын ченемдик актыларына кайрылууну талап кылат.

Даттанууну кароодо төмөнкү жагдайлар аныкталууга тийиш:

- ишмердүүлүктү жүзөгө ашыруу фактысы (өндүрүү, сатуу, сактоо жана башкалар);

- бузулган конкреттүү ченем (милдеттүү түрдө тиешелүү ченемдик актыга шилтеме берүү менен);

- адамда ишкердик субъект катары статусунун болушу (зарыл болгон учурда);

- текшерүүнүн мыйзамдуулугу (контролдоо жол-жоболорунун сакталуусу);

- укук бузуунун далилдеринин жетиштүүлүгү (текшерүү актылары, фотофиксация, экспертизанын корутундулары, алып коюу протоколдору);

- кайталап жасалгандыгынын бар же жок экендиги (3-б. боюнча);

- процессуалдык мөөнөттөрдүн сакталуусу.

Ыйгарым укуктуу органдын токтомдорун жокко чыгарууга жана ишти өндүрүштөн кыскартууга төмөнкү процессуалдык бузуулар негиз болуп саналат: бузулган ченемдик укуктук актынын (техникалык регламенттин) конкреттүү пунктуна шилтеменин жоктугу; продукциянын жоопкерчиликке тартылып жаткан адамга таандык экендигин тастыктаган далилдердин жоктугу; текшерүүнү жүргүзүүнүн белгиленген тартибинин бузулушу; кайталап жасалгандыкты туура эмес аныктоо; ошондой эле адамдын күнөөсүн далилдеген далилдердин жоктугу.

**Жыйынтыктар**

Бүгүнкү күндө айлана-чөйрөнү коргоо жана экологиялык ченемдерди сактоо маселелери Кыргыз Республикасы үчүн өзгөчө маанилүү бойдон калууда. Калдыктар менен иштөө чөйрөсүндөгү мыйзамдардын бузулушу, аймактардын булганышы, санитардык талаптардын сакталбашы жана жаныбарлардын массалык топтолушуна алып

келген объекттерди пайдалануу эрежелеринин бузулушу калктын ден соолугуна, айлана-чөйрөнүн абалына жана учуулардын коопсуздугуна түздөн-түз таасир этет.

Ыйгарым укуктуу органдардын токтомдоруна карата сотко түшкөн даттануулардын саны салыштырмалуу аз болгонуна карабастан, каралган иштер соттук көзөмөл органдардын аракеттеринин мыйзамдуулугун, укук бузууларды туура квалификациялоону жана материалдарды талаптагыдай процессуалдык тариздөөнү камсыз кыларын көрсөтүүдө.

Соттук практиканы талдоо жоопкерчиликке мыйзамдуу тартуу учурларын да, ошондой эле процессуалдык бузулууларга байланыштуу токтомдорду жокко чыгаруу учурларын да аныктады. Укук бузууларды квалификациялоого жана далилдерди баалоого карата ыкмалардын ар түрдүүлүгү укуктук аныксыздык тобокелдигин жаратат.

Жогоруда баяндалгандарга байланыштуу Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Пленумунун токтомун кабыл алуу максатка ылайыктуу болуп саналат. Ал экологиялык укук бузуулар боюнча иштерди кароодо бирдиктүү ыкмаларды бекемдейт, анын ичинде ар кандай түрдөгү экологиялык укук бузууларды квалификациялоонун критерийлерин, далилдер базасына жана протоколдорду процессуалдык тариздөөгө карата стандарттарды, жеке жана юридикалык жактардын аракеттерин баалоо тартибин, алдын алуучу жана оңдоочу чараларды аныктайт.

Пленумдун токтомун кабыл алуу укук колдонуу практикасында бирдиктүүлүктү камсыз кылууга, экологиялык мыйзамдардын сакталуусуна көзөмөлдү күчөтүүгө, жарандардын укуктарын коргоону бекемдөөгө жана жагымдуу айлана-чөйрөнү сактоого өбөлгө түзөт.